# МУНИЦИПАЛИТЕТ

ИЛИМИЙ-ПОПУЛЯРДУУ ЖУРНАЛ | ДЕКАБРЬ 2020 | № 12 (110) чыгарылышы


Муниципалитет – бул аймактын,
ал жерде жашаган калктын жана ЖӨБ органдарынын үчилтиги

БУЛ САНДА:


## Көңүл чордонунда

Электрондук соода аянтчасы: муниципалдык мүлктү ижарага берүү жана сатуу келишимин түзүү укугуна электрондук форматтагы аукциондор ........ 2

## ЖӨБдүн финансысы

2021-2023-жылдарга республикалык бюджеттин долбоорунда жергиликтүү бюджеттердин жана бюджет аралык мамилелердин перспективалары ........ 5

Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери ........ 6

Бюджет аралык мамилелер ........ 7

Аймактарды өнүктүрүү ........ 10

2021-2023-жылдарга республикалык бюджеттин долбооруна карата ЖӨБ Союзунун сунуштары ........ 11

## ЖӨБдүн жаштар саясаты

Жаштар тарбиялоонун объектиси эмес, алар өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткыч күчү ........ 15

Жаштар иштери боюнча Консультативдик кеңеш Таш-Көмүрдө аялдар футболун өнүктүрүүнүн кыймылдаткыч күчүнө айланды ........ 23

Токмоктогу жаштар иштери боюнча Консультативдик кенеш шаарды өнүктүрүүнү пландоого кошулду ........ 24

Шаардын же айылдык аймактын жаштар иштери боюнча Консультативдик кеңеш тууралуу Типтүү жобо ........ 25





Негиздөөчү жана басып чыгаруучу
***Өнүктүрүү саясат институту (ӨСИ)***

Башкы редактор, ӨСИ башкаруучу төрайымы
***Надежда Добрецова***

Аткаруучу редактор
***Нургүл Жаманкулова***

Кыргыз тилиндеги котормонун редактору
***Нургүл Жаманкулова***
Дизайн жана жасалгалоо
***Адил Абдраимов***

Кыргыз тилине которгон
***Зейнеп Алтымышова***
Журнал автордук макалаларды кабыл алат жана муниципалитеттерге даректелген акысыз жарнактарды жайгаштырат.
**Журнал акысыз таркатылат,**
бирок ӨСИ акы төлөп жазылууну уюштуруу укугуна ээ.
Журналдагы макалалар басып чыгаруучу тараптын жана анын өнөктөштөрүнүн көз карашын сөзсүз эле чагылдырбайт.
Макаланын мазмуну үчүн жоопкерчилик авторлорго жүктөлөт.



**Бардык суроолор боюнча төмөнкү даректер аркылуу кайрылыңыздар:**
**почта** – Кыргыз Республикасы, 720001, Бишкек ш., Шевченко көч., 114, Өнүктүрүү саясат институту, «Муниципалитет» журналынын редакциясы;
**электрондук** – office@dpi.kg
nadya.dobretsova@gmail.com

**Телефондор:** (0312) 97-65-30 (31, 32, 33, 34)
**Факс:** (0312) 97-65-29



Журналда Өнүктүрүү саясат институтунун кызматкерлери тарткан жана Интернеттен алынган сүрөттөр пайдаланылды.

Массалык маалымат каражаттарын каттоо жөнүндө күбөлүктүн каттоо номери 1785.

**ISBN 1694-7053**

# Электрондук соода аянтчасы: муниципалдык мүлктү ижарага берүү жана сатуу келишимин түзүү укугуна электрондук форматтагы аукциондор



**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин директору Бахтияр Усманович САЛИЕВдин кайрылуусу**

Муниципалдык мүлктү сатуунун жана ижарага берүүнүн ачыктыгын камсыз кылуу жана коррупциялык элементтерди жоюу максатында өлкөнүн аймактарын өнүктүрүү жана санариптештирүү жылынын алкагында Кыргыз Республикасынын Өкмөтү “Электрондук соода аянты” маалыматтык тутумун иштеп чыгуу жөнүндө чечим кабыл алды.

Бул багытта «Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна аукциондорду электрондук форматта өткөрүү тартиби жөнүндө жобо»[1], жана электрондук форматта муниципалдык мүлкү сатуу боюнча аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө жобо»[2], ошондой эле «Инфо-система» мамлекеттик ишканасы тарабынан республикалык бюджеттен бөлүнгөн каражаттардын эсебинен «Электрондук соода аянты» маалыматтык тутуму иштелип чыккан.

Электрондук соода аянты – бул тооруктарды (аукциондорду) реалдуу убакыт режиминде жүргүзүү үчүн бирдиктүү автоматташтырылган тутум. Бул система – Интернет байланышы аркылуу соода операцияларын соңку мезгилде аткаруу процесстерин автоматташтырууга арналган.

Онлайн аукциондорду өткөрүү үчүн Электрондук соода аянтын ишке ашыруу төмөнкүлөрдү камсыз кылат: рынокту кеңейтүү; ачык-айкындуулук жана ачыктык; убакыттын жана акчанын чыгымдарын кыскартуу; дүйнөнүн каалаган бурчунан соода жүргүзүүгө катышуу мүмкүнчүлүгү; таза атаандаштык; бардык катышуучулардын укуктарынын бирдейлиги. «Электрондук соода аянты» маалымат тутумун тестирлөө Токмок, Кант шаарларында, ошондой эле Ново-Покровка айыл өкмөтүндө өттү. «Электрондук соода аянты» порталындагы онлайн аукциондорду өткөрүү үчүн «Электрондук соода аянты» порталы иштей баштагандан бери жалпысынан 59 муниципалдык менчик мүлктү лизингге аукционго коюлуп, анын ичинен Кант шаарындагы (1 объект) жана Новопокровка а/а (8 объект) пилоттук объектилерин көрсөтүү боюнча иштер жүргүзүлдү.

2020-жылдын август айында Бишкек шаарынын мэриясынын порталында аукциондорду өткөрүү үчүн туташтыруу боюнча иштер жүргүзүлүп, ал жерде 50 объект порталга коюлду, алардын 14ү бүттү, 36сы орун алган жок. 2020-жылдын аягына чейин ЖӨБ органдарында ЭСАны толугу менен ишке ашыруу пландаштырылууда.

Бул усулдук колдонмо жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына электрондук форматта муниципалдык менчиктерди сатуу жана ижарага берүү боюнча усулдук колдоо көрсөтүү максатында Агенттик[3] тарабынан иштелип чыккан.

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-мартындагы №142 «Муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна аукциондорду электрондук форматта өткөрүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому

[2] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 27-октябрындагы №519 «Муниципалдык мүлктү электрондук форматта сатуу боюнча аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» токтому

[3] Демократия боюнча Вестминстер Фондунун Кыргыз Республикасындагы Өкүлчүлүгүнүн каржылык колдоосу менен даярдалды.

## Электрондук соода аянтчасын киргизүү үчүн жүйөлөр

Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу органы коомдук (мамлекеттик жана муниципалдык) финансыны башкарып жатканда мамлекет жана коом андан мүмкүн болушунча ачык-айкындуулукту, жол-жоболорду бекем сактоону талап кылат. Ресурстар эффективдүү сарпталып, ошол эле маалда айрым адамдарга коррупциялык пайда алып келбеши үчүн ушундай талаптар коюлган. Ал эми мамлекеттик сатып алуулар процессине мындай талаптар өзгөчө катуу коюлган. Бирок мамлекеттик жана муниципалдык коомдук ресурстарды – жерди жана мүлктү башкаруу боюнча башка процесске көзөмөл мынчалык катуу эмес. Албетте, бул процесстин да өзүнүн жол-жоболору бар. Бул чөйрөдө түзүлгөн бүтүмдөр тууралуу маалыматтар да, прокуратуранын текшерүүлөрүнүн жыйынтыктары да көзөмөл көп катаал болбогонун тастыктап турат. Прокуратура органдары өзгөчө муниципалдык мүлктү тескөө чөйрөсүндө мыйзам бузуулар болуп жатканын жыл сайын аныктап келет.

Негизи мамлекеттик жана муниципалдык сатуулар табияты жана логикасы жагынан мамлекеттик жана муниципалдык сатып алуулар тууралуу мыйзамдарга жакын болгон мыйзамдар менен жөнгө салынышы керек эле. Себеби эки учурда тең сөз коомдук ресурстарды тескөө тууралуу болуп жатат.


Ушул логикага таянсак, мамлекет мамлекеттик жана муниципалдык сатуулар процессинин үстүнөн көзөмөл мамлекеттик жана муниципалдык сатып алуулар процессин көзөмөлдөгөндөй деңгээлде болушун камсыздашы керек. Башкача айтканда, электрондук портал болууга тийиш. Ошол порталда пландалып жаткан жана түзүлгөн бүтүмдөр тууралуу бардык маалымат ачык жарыяланышы керек. Бул болсо тоорук маалында атаандаштыктын деңгээлин жогорулатууга шарт түзмөк. Ушул тапта ишке ашырылган бүтүмдөр тууралуу гана маалымат жарыяланып жатат. Мындай жагдай ыктымал сатып алуучуларга пландалып жаткан сатуулар тууралуу маалыматты өз убагында алуусуна жолтоо болуп, атаандаштыктын деңгээлин, сатуу баасын азайтып, коррупция үчүн шарттарды түзүүдө.

## Ижара келишимин түзүү жана муниципалдык мүлктү сатуу укугуна аукциондорду электрондук форматта өткөрүүнүн өзгөчөлүктөрү

Муниципалдык менчик укугунун пайда болушу, жүзөгө ашырылышы жана токтотулушу боюнча мамилелер Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамы, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик укуктук актылары, ошондой эле мыйзамда белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдердин мүчөсү болгон Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын негизинде жөнгө салынат.

Алалы, Кыргыз Республикасынын «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» мыйзамына ылайык, муниципалдык менчик бул жергиликтүү жамааттардын менчиги болуп саналат, пайдаланылат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында болот, бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун киреше булагы катары кызмат кылат жана мыйзамдарга ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун функцияларын жүзөгө ашы-






руу үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жараша колдонулушу зарыл. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын каалоосу боюнча, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн зарыл болгон муниципалдык менчикке ээ боло алат, ээлик кылат, колдонот жана тейлейт.

«Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Кыргыз Республикасынын мыйзамынын 12-1-беренесине ылайык, муниципалдык мүлктү менчиктештирүү ыкмаларынын бири электрондук форматта өткөрүлө турган аукциондо сатуу болуп саналат. Муниципалдык менчиктин объектилерин пайдаланууга жана ижарага берүү тооруктар аркылуу жүзөгө ашырылат, алар Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте электрондук форматта да жүргүзүлүшү мүмкүн (15-бер.).

Жогоруда аталган Мыйзам ченемдерин ишке ашыруу үчүн, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү төмөнкү жоболорду бекитти:

- Электрондук форматта муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимин түзүү укугуна аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө жобо (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 29-мартындагы № 142 токтому менен бекитилген);
- Муниципалдык мүлктү электрондук форматта сатуу боюнча аукциондорду өткөрүү тартиби жөнүндө жобо (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2020-жылдын 27-октябрындагы №519 токтому менен бекитилген).
- электрондук аукцион - тооруктарды өткөрүү жолу менен муниципалдык мүлктү ижарага берүү жана сатуу ыкмасы, анда сатып алуу-сатуу (ижарага берүү) келишими объектке эң жогору бааны сунуш кылган жана төлөгөн адам менен түзүлөт;
- электрондук соода аянты - тооруктарды уюштуруу жана өткөрүү үчүн Интернетте жайгашкан жана катталган катышуучуларга алыстан (жеке катышуусуз) бүтүмдөр боюнча электрондук транзакцияларды жүргүзүүгө мүмкүндүк берген маалымат тутуму (кирүү үчүн шилтеме https://etp.okmot.kg/msu/).

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүк органдары тарабынан бекитилген муниципалдык мүлктү менчиктештирүү Программасына ылайык, электрондук форматта муниципалдык менчикти (жер участокторун кошпогондо) сатуу боюнча аукциондорду уюштуруу жана өткөрүү.

Муниципалдык менчик объектилерин менчиктештирүү программасы "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 13-беренесине ылайык иштелип чыккан. Аукционго коюлган муниципалдык менчик объекттери жергиликтүү жамаат менен коомдук талкууга коюлат:

- республикалык жана облустук маанидеги шаарларда жергиликтүү бийлик органдарынын расмий сайттарына жайгаштыруу жолу менен,
- райондук маанидеги шаарларда жана айылдык аймактарда чогулуштарды, жолугушууларды, курултайларды өткөрүү жолу менен.

Талапкерлердин (же анын атынан иш алып барууга укуктуу адамдардын), катышуучулардын (же анын атынан иш алып барууга укуктуу адамдардын), электрондук соода аянтынын операторунун жана сатуучунун/ижарага берүүчүнүн ортосундагы документтердин жүгүртүлүшү электрондук документтер же электрондук документтер түрүндө электрондук соода аянты аркылуу жүзөгө ашырылат (кагаз түрүндөгү документтер, сканерлөө жолу менен санарип формасына өткөн, алардын даректерин сактоо). Бул эреже тараптар жөнөкөй жазуу жүзүндө түзгөн муниципалдык мүлктү ижарага берүү келишимине колдонулбайт.

Муниципалдык мүлктү ижарага берүү жана сатуу укугун электрондук аукционду уюштурууга жана өткөрүүгө байланыштуу электрондук документтер, анын ичинде ижарага берүүчүдөн, талапкерлерден жана катышуучулардан алынган документтер электрондук соода аянтынын оператору тарабынан сакталат.

Муниципалдык мүлктү ижарага берүү/сатуу келишимин түзүү электрондук аукциондун жеңүүчүсү аныкталган күндөн тартып 7 календардык күндүн ичинде электрондук соода аянтында өткөрүлгөн электрондук аукциондун натыйжалары боюнча жүргүзүлөт.

***Максим СЕМЕНЯК,***
***Темир БУРЖУБАЕВ***
КР ЖӨБ Союзунун буйрутмасы менен[1,2]

# 2021-2023-жылдарга республикалык бюджеттин долбоорунда жергиликтүү бюджеттердин жана бюджет аралык мамилелердин перспективалары

[1] "Мыйзам долбоорлорун талкуулоодо Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин (КР ЖК) жергиликтүү жамааттардын кызыкчылыктарын эсепке алуусу" Долбоорунун алкагында даярдалды. Аталган долбоор БУУӨПтүн колдоосу менен ишке ашырылууда

[2] Аналитикалык баяндаманы даярдап жатканда сандык бюджеттик маалыматтардан тышкары ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү арасында жүргүзүлгөн онлайн сурамжылоонун сапаттык маалыматтары колдонулду. Сурамжылоону ЖӨБ Союзу жүргүзгөн. Онлайн сурамжылоо ЖӨБ органдары жана жергиликтүү кеңештер менен туруктуу байланышып турчу каражаттардын жардамы менен жүргүзүлдү.

***Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (ЖӨБдүн) финансылык абалына тийгизген таасиринен алып караганда, 2021-2023-жылдарга КРнын республикалык бюджетинин долбоору жергиликтүү бюджеттер үчүн кандай келечекти даярдап жатат?***


КРда жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин жалпы көлөмү (трансферттерди кошпогондо) республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешесинен болжол менен ондон бир бөлүгүн түзөт. Бишкек жана Ош шаарларынын кирешелери жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешелеринде эң көп салыштырма салмакка ээ. Эгерде ушул эки шаарды кошпогондо республиканын бириктирилген бюджетинде калган жергиликтүү бюджеттердин үлүшү болгону 5 пайызды гана түзөт

***1-таблица. Республикалык жана жергиликтүү жамааттардын кирешелеринин жалпы көлөмү, млн. сом менен[1]***

| | 2017-ж. иш жүзүндө | 2018-ж. иш жүзүндө | 2019-ж. иш жүзүндө | 2020-ж. бекитилген | 2020-ж. такталган | 2021-ж. божомол | 2022-ж. божомол | 2023-ж. божомол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешелери | 164 362,7 | 167 490,2 | 185 644,2 | 203 721,9 | 172 451,2 | 204 385,6 | 213 512,2 | 215 778,3 |
| Республикалык бюджет (кирешелер) | 149 547,5 | 151 607,1 | 167 328,6 | 183 708,1 | 153 882,0 | 183 684,9 | 192 161,4 | 193 920,2 |
| Жергиликтүү бюджеттер (жалпы сумма - кирешелер) | 20 298,0 | 20 140,1 | 21 815,8 | 23 038,1 | 21 574,8 | 23 706,2 | 24 250,8 | 24 658,1 |
| Жергиликтүү бюджеттер (жалпы сумма – өз кирешелери (трансферттерди кошпогондо) | 14 815,2 | 15 883,1 | 18 315,6 | 20 013,8 | 18 569,2 | 20 700,7 | 21 350,8 | 21 858,1 |
| Бишкек жана Ош шаарларын кошпогондо жергиликтүү бюджеттер (жалпы сумма – трансферттерсиз кирешелер) | 7 418,5 | 8 001,2 | 9 474,7 | 9 398,3 | 8 719,9 | 9 751,3 | 10 057,5 | 10 296,7 |

[1] Ушул жерде жана мындан ары маалыматтын булагы катары КР Финансы министрлиги жарыялаган ачык маалыматтар колдонулду. Сайттын дареги: http://minfin.kg


***1-диаграмма. Бюджеттердин кирешелер көлөмүн салыштыруу (2019-жыл, иш жүзүндө) (млн. сом менен)***



(1-таблицаны жана 1-диаграмманы караңыз).

Жалпысынан республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин жалпы өсүш динамикасы менен мүнөздөсө болот. Бирок, эгерде бул көрсөткүчтөрдү республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жалпы көлөмүндө жергиликтүү бюджеттердин үлүшү менен салыштыра келсек, өсүш болбогону дароо көзгө урунат. Көп жылдардан бери жергиликтүү бюджеттердин үлүшү 10 пайыздан ашпаган деңгээлде калып келатат. Эл аралык практикада бул көрсөткүч өлкөнүн финансылык децентралдашуу деңгээлин аныктоо үчүн колдонулат (2-диаграмманы караңыз). Ошентип, КРда финансылык децентралдашууну өнүктүрүү ниети бар болгонуна карабастан бул ишке ашпай жатат деген тыянакка келүүгө болот.

***2-диаграмма. Республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешелеринде жергиликтүү бюджеттердин үлүшүнүн динамикасынын катышы***




Бул бир нерсени билдирет: кирешелер жергиликтүү жана республикалык бюджеттердин ортосунда бөлүштүрүлүп жатканда өлкөнүн аймактарды өнүктүрүү жаатындагы артыкчылыктары эч эсепке алынбайт. Натыйжада ЖӨБ органдарына өз функцияларын жана мамлекет өткөрүп берген ыйгарым укуктарды сапаттуу аткаруу үчүн ресурстар жетпей калууда.

# Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери

## Жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин түзүмү

Төмөндөгү 3-диаграмма жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин жалпы (ирилештирилген) түзүмүн элестетүүгө мүмкүнчүлүк берет:


Жергиликтүү бюджеттердин жалпы кирешелеринде бюджет аралык трансферттердин үлүшүнө көңүлдү бура турган болсок, ал өтө деле жогорудай көрүнбөйт – 14 пайызды гана түзөт. Бирок эгерде республикалык бюджеттен теңдештирүүчү трансферттерди албаган Бишкек жана Ош шаарларын статистикадан чыгарып салсак, бул көрсөткүч дээрлик 25 пайызга көбөйө түшөт. Бул болсо жергиликтүү бюджеттер борбордон берилген каржылоого өтө көз каранды болгонунан кабар берет. Айрым айылдык аймактар үчүн бул көрсөткүч андан да жогору (мисалы, Баткен облусунун Баткен районундагы Кыштут ААнын кирешелеринде теңдештирүүчү гранттардын үлүшү – 65%, Нарын облусунун Кочкор районундагы Кум-Дөбө ААда – 56%, Ош облусунун Чоң-Алай районундагы Жекенди ААда – 66% ж.б.)

Мындай көз карандуулуктун негизги себеби – жер-жерлерде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун киреше потенциалы төмөн (өзгөчө элеттик айыл өкмөтүндө). Бул болсо өз кирешелерин жетиштүү санда чогулта албай калууга алып келүүдө.

Ал арада жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин толтурууда олуттуу резерв муниципалдык мүлктү башкарууну жакшыртууда, маалымат топтолгон ачык-айкын (санарип) аянтчалар менен камсыздоодо жатат. Мындай аянтчада мүлк кайсы конкреттүү муниципалитетте, кандай баада ижарага берилип жатканы тууралуу маалыматтар болмок. Коомдук көзөмөл механизмдери менен кошо келгенде алар жергиликтүү бюджеттерди башкаруудан түшкөн кирешени көбөйтө алмак.

Иш жүзүндө муниципалдык мүлк бир топ эле көп санда болсо, ЖӨБ органы аларды арзыбаган

***3-диаграмма. 2019-жылга жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин түзүмү (иш жүзүндө)***



**ТҮЗ СӨЗ:**

**“Финансы министрлиги жогорку контролдук сандарды белгилеп коёт, ал сандар биз берген божомолдорго караганда жогору”.**

*АӨ башчы, Тоң району*

**“Финансы министрлиги кирешелер боюнча өзүнүн планын бизге таңуулап келет”.**

*Мэрия, Жалал-Абад облусу*

акчага колдонууга беришет (мындай кадамдарга акимдердин, күч түзүмдөрүнүн өкүлдөрүнүн басымы алдында барышат). Ошондуктан мүлктүн жана аны колдонуучулардын толук тизмесин жарыялоо жарандык секторго жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин жакшыртууга өз салымын кошууга жардам берет.

### Жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин пландоо

ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүнүн айтымында (2019-жылы да, 2020-жылы да жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жыйынтыгы боюнча), КР Финансы министрлиги өзүнүн райондук бөлүмдөрү аркылуу ЖӨБ органдарына жиберген жергиликтүү бюджеттердин кирешелери боюнча мындайча айтканда “сунушталган” божомол сандар иш жүзүндө контролдук болуп эсептелинет жана ЖӨБ органдары аларга жетүү үчүн жоопкерчилик алууга мажбур болушууда (атүгүл сөгүш түрүндө административдик чаралар колдонулат). Сурамжылоого катышкандардын көбү бул сандарды эч жүйөсүз эле жогорулатылган – орточо 10-20 пайызга жогору деп эсептешет. Киреше базасынан бардык активдер эсепке алынган күндө деле жогору жактан “түшүрүлгөн” божомол аларды өтө эле аша баалап коёт.

ЖӨБ Союзу ЖӨБ органдарын өз кирешелерин жогорулатууга шыктандырган мындай практика көбүрөөк экономикалык жактан негизделген мамилеге өтүшү керек деп эсептейт. План жогору көрсөтүлгөн үчүн гана акча кайсы бир жактан пайда боло калбайт да. Кирешелер көбөйүшү үчүн аймактардын экономикасын өнүктүрүү зарыл.

## Бюджет аралык мамилелер

Бюджет аралык мамилелер төмөнкүлөрдү камсыздоого тийиш:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өзүнүн жана аларга өткөрүлүп берилген функцияларын аткарууга, жергиликтүү деңгээлде кызмат көрсөтүүгө финансылык жактан жөндөмдүү болушун;
- республикалык бюджетти даярдап жаткан-

**ТҮЗ СӨЗ:**

**“Ушул жылы биздин айылдык аймакта сатуудан алынган салык боюнча чегерүүлөр 9 226,9 миң сомду, ал эми киреше салыгы 3 489,4 миң сомду түздү. Ортодогу айырма – 5 737,5 жергиликтүү бюджетке түшпөй калды”.**

*АӨ башчысы, Москва району*

**“Жергиликтүү бюджетке киреше салыгынан түшүүлөрдүн үлүшү көбөйгөнү биздин айыл өкмөтүбүздүн бюджетине оң таасирин тийгизди. Себеби бизде сатуудан алынган салыктын булактары аз. Ал эми киреше салыгынан түшүүлөр көбөйө берет”.**

*АӨ башчысы, Тоң району*

**“ЖӨБ органдарынын шарттары бири-биринен айырмаланып турат. Мисалы, республикадагы негизги жол болуп саналган Ош-Бишкек-Ош трассасы биздин айылдык аймак аркылуу өтөт. Бизде жолдун боюнда көптөгөн кафелер жана май куюучу жайлар орун алган. Бизге сатуудан алынган салыктан көп каражат түшүп турган. Ал эми киреше салыгы райондук борборлордо жайгашкан айылдык аймактар үчүн жакшы. Эгерде мурда биз 31 пайызга дотациялык болсок, эми 40% болуп калдык”.**

*АӨ башчысы, Ноокен району*

да жана кабыл алууда мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара кызыкчылыктарынын эсепке алынышын;
- мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын функцияларынын, ыйгарым укуктарынын так бөлүштүрүлүшүн жана бекитилип берилишин;
- бардык деңгээлдердеги бюджеттердин ачык-айкындуулугун жана отчеттуулугун.

Бюджет аралык мамилелерди орто мөөнөттүү пландоодо бул аныктоочу факторлор эсепке алынууга тийиш. Бирок 2021-2023-жылдарга республикалык бюджеттин долбооруна Түшүндүрмө каттагы “Жергиликтүү бюджеттер” деген бөлүмгө жасалган анализ мындай пландоодо системага салынбаган көрүнүш бар экенин дагы бир жолу тастыктады. Бул бөлүмдүн мазмуну жылдан жылга эле кайталанып, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансылык туруктуулугун сактоого карата системалуу саясий чаралардын так сүрөттөлүшүн камтыбай келет. Жүргүзүлүп жаткан саясаттын тийгизген таасирине жок дегенде болжолдуу анализ жасалбайт.

***2-таблица. Жергиликтүү бюджеттердин кирешелерине чегерүүлөрдүн пайызынын өзгөрүүсү***

| | 2017-ж. иш жүзүндө | 2018-ж. иш жүзүндө | 2019-ж. иш жүзүндө | 2020-ж. бекитилген | 2020-ж. такталган |
|---|---|---|---|---|---|
| Киреше салыгы | 50% | 50% | 70% | 85% | 100% |
| Сатуудан алынган салык | 50% | 50% | 50% | 25% | 0% |

***3-таблица. Теңдештирүүчү гранттарды бөлүп берүү динамикасы, млн. сом менен***

| | 2017-ж. иш жүзүндө | 2018-ж. иш жүзүндө | 2019-ж. иш жүзүндө | 2020-ж. бекитилген | 2021-ж. божомол | 2022-ж. божомол | 2023-ж. божомол |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Теңдештирүүчү трасферттер (жалпы суммасы) | 1 818,2 | 1 850,0 | 1 998,8 | 1 967,3 | 1 967,3 | 2000,0 | 2000,0 |
| Өсүштүн темпи | - | 2% | 8% | -2% | 0% | 2% | 0% |

Эми бюджеттик параметрлердин жана саясий багыттардын бюджет аралык мамилелердин негизги компоненттерине тийгизген таасирин карайбыз.

## Жалпы мамлекеттик салыктардын бөлүштүрүлүшү

Акыркы жылдары Өкмөттүн саясаты эки салыкты бөлүштүрүүдө катыштарды өзгөртүүгө багытталып келди. Ал салыктар: салык агенти төлөгөн киреше салыгы жана сатуудан алынган салык (2-таблицаны караңыз).

Биринчиден, мындай өзгөрүүлөр КР Бюджеттик кодексинин 45-беренесине карама-каршы келет. Бул беренеге ылайык, бюджет аралык мамилелердин принциптеринин бири – жалпы мамлекеттик кирешелерден чегерүүлөрдүн ченемдерин бюджеттердин деңгээлдеринин ортосунда 5 жылдан кем эмес узак мөөнөттүү негизде белгилөө. Мындай чараларды киргизүү аракети КР Экономика министрлигинин ЖӨБдүн бардык мүмкүн болгон пайдаларын жанан жоготууларын эсепке алган баштапкы экономикалык экспертизасына таянууга тийиш. Пайдалардан жана жоготуулардан ЖӨБ органдары кабардар болуп, бул маселе алар менен макулдашылышы керек эле.

Экинчиден, 2020-жылы ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү арасында жүргүзүлгөн сурамжылоолордун жыйынтыктары кайрадан көрсөткөндөй, салык агенти кармап калган киреше салыгынын жергиликтүү бюджетке түшкөн үлүшүн пландуу түрдө жогорулатуу бардык эле жерлерде сатуудан алынган салыктын түшүүсүндөгү үлүштүн пландуу азайып кетишинен улам жергиликтүү бюджеттин жоготууларынын ордун толуктай алган эмес. Бир муниципалитеттерде кирешелер көбөйгөнү менен, башкаларында жоготуулар байкалган. Айталы, сурамжылоонун жыйынтыгы боюнча, соода өнүккөн жерлердеги ЖӨБдүн өкүлдөрү бул чара жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин абалына терс таасирин тийгизгенин айтышкан.

ЖӨБ Союзу бул чара бардык жергиликтүү бюджеттердин киреше базаларын ирилештирүүгө алып келген жок деп эсептейт. Дифференцияланган ыкманы колдонуу мүмкүнчүлүгүнө баа берүү зарыл. Себеби ал жергиликтүү өз алдынча башкаруулардын киреше базасындагы айырмачылыктарды эсепке алмак.


## Теңдештирүүчү трансферттер

Теңдештирүүчү трансферттерди бөлүп берүү саясаты айкын болбогон бойдон калууда. Айрым аймактар үчүн эсептелинген суммалар жылдан жылга божомолдоого мүмкүн болбогондой өзгөрүп келатат. Кирешелеринин өсүш динамикасы жакшы болгон айрым айылдык аймактар көп көлөмдө теңдештирүүчү трансферлерди алып турушкан. Ал эми киреше деңгээли төмөн болгон жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында, тескерисинче, теңдештирүүчү гранттардын көлөмү кыскарган.

2021-2023-жылдарга теңдештирүүчү трансферттерди каржылоо планы муниципалитеттердин кирешелерин теңдештирүүнү азайтуу саясаты болбогонун көрсөтүүдө. Теңдештирүүчү трансферттердин жалпы көлөмү мурдагы эле деңгээлинде кала берүүдө. Ал эми 2022-2023-жылдары бир аз өсөт деп күтүлүүдө. Трансферт каражаттарын айылдык аймактар ортосунда кайра бөлүштүрүп чыгуу практикасы кеңири колдонулуп жатат (тиркемени караңыз). Дотацияда тургандардын тизмесинен эки ЖӨБ органын чыгаруу пландалууда, ал эми 8 айылдык аймак дотацияда тургандарга кошулат. Киреше потенциалын жогорулатуу саясаты ишке ашпай келатат. Атүгүл саясат дотацияда турган муниципалитеттердин санын азайтууга эмес, жер-жерлерде кызмат көрсөтүүлөрдүн минималдык стандарттарын камсыз кылууга багытталышы керек болчу.

Айрым жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына теңдештирүүчү трансферттер-

***4-диаграмма. Теңдештирүүчү трансферттерди бөлүп берүүнүн динамикасы***



ди бөлүп берүүнүн динамикасына жасалган анализ кыска убакыт ичинде ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган аныктаган суммаларда кескин өйдө-ылдый болгон көрүнүштү көрсөттү. Бирок киреше потенциалы жана чыгаша ыйгарым укуктар мындай ылдамдык менен өзгөрө албайт. Мунун баары объективдүү жана ачык-айкын эсептөө методикасы болбогонунан, ошондой эле теңдештирүү саясатын пландоого карата системалуу мамиле жасалбаганынан кабар берет.

Мындай практика көпчүлүк жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн наразычылыгына себепкер болууда. Алар теңдештирүүчү гранттарды эсептөөнүн азыркы формуласын ачык-айкын эмес жана адилетсиз деп эсептешет.

Ошол эле маалда динамикага жасалган анализ дагы бир нерсени көрсөттү: 2021-2023-жылдарга КРнын фискалдык саясатынын негизги багыттарында (мындан ары – ФСНБ) болжолдонуп жаткан суммалар катары 2020-жылы бекитилген сандар же ошого барабар, же жакын болгон сандар алынган. Бул болсо теңдештирүүчү гранттар ага болгон муктаждыктардын негизинде эмес, калдык принциби боюнча болжолдоно турганынан кабар берет.

## Максаттуу трансферттер

Республикалык бюджеттин долбоорунда максаттуу трансферттер формалдуу түрдө максаттуу трансферттерге тиешеси болбогон чыгашалар үчүн каралган. Ал эми анын курамындагы өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоого каражаттар ЖӨБгө статистикалык маалыматтарды чогултуу боюнча өткөрүлүп берилген функцияларга карата гана бөлүнгөн. Божомолдорго караганда (максаттуу трансферттердин көлөмүнүн азайышы) өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн ЖӨБдү камсыздоо максатында кошумча каражаттар келечекте да бөлүнбөчүдөй.

Республикалык бюджет жөнүндө мыйзам долбоору менен каралган 2021-жылга максаттуу трансферттердин жалпы суммасынан (1 038,2 млн. сом) айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды ЖӨБ органдарына өткөрүлүп берилишин каржылоо 532,2 млн. сомду түзөт. Мында 2020-жылга бекитилген бюджетке карата 18,8 млн. сомго азайганын билдирет. Бул бюджеттик параметр бюджетте бир сап менен бөлүнгөн. Ошондуктан бул сумма кайсы ыйгарым укуктарга бөлүнгөнүн, эмне үчүн учурдагы жылдын планына салыштырмалуу 18,8 млн. сомго төмөн болгонун анализдөө кыйын болууда. КР Финансы министрлигине бюджеттик документтерде ушул параметрди кеңейтирээк баяндап жазууну сунуштайбыз.

Өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды каржылоого максаттуу трансферттерди бөлүп берүү маселеси бир топ жылдардан бери курч турат. Ошону менен катар жергиликтүү маанидеги маселелердин тизмеги эч көзөмөлсүз кеңейип келатат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына тийиштүү компенсация берилбестен, улам жаңы ыйгарым укуктар эч каржылоосуз өткөрүлүп берилүүдө. Бул "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тартиби жөнүндө" КР Мыйзамынын талаптарына карама-каршы гана келбестен, ошону менен кошо КР Конституциясынын жоболорун да бузууда. Баш мыйзамда ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү финансы ресурстары менен коштоло турганы көрсөтүлгөн. Мындан тышкары ЖӨБ органдарына мамлекеттик ыйгарым укуктар формалдуу эмес түрдө, "жашыруун" өткөрүлүп берилген көрүнүштөр да бар.

Аскердик каттоого тургузуу, салыктарды жыйноо, каттоого тургузуу жана чыгаруу, каттоо функциялары, социалдык кызмат көрсөтүүлөргө жана жөлөкпулдарга муктаждыкты аныктоо өңдүү бир катар өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктар ЖӨБ органдарынын каражаттарынын эсебинен жүзөгө ашырылат. ЖӨБ органдары ушундай ыйгарым укуктарга бөлүнүп жаткан каражатты жана муниципалдык кызматчылардын күчүн жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багыттай алышмак.

## Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттар жергиликтүү бюджеттердин кирешелеринин курамында болжолдонбойт. Себеби конкурстун негизинде бөлүнөт жана аларды бир жылга да, үч жылга да божомолдоо мүмкүн эмес. Бирок бул негизги көйгөй эмес. ЖӨБ органдарынын көпчүлүк өкүлдөрү дем берүүчү (үлүштүк) гранттар адилетсиз бөлүштүрүлүп жатат деген пикирде. Мындай пикирге бир нече себеп жем таштоодо.

Республикалык жана облустук маанидеги шаарлар үчүн квоталарды колдонуу айылдык аймактардын дем берүүчү (үлүштүк) грантты алуу шансын чектеп жатат (квотаны ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган (КР Финансы министрлиги) аныктайт).

КР Финансы министрлигинин мындайча айтканда "кара тизмелери" мына ушундай пикирдин калыптанышына таасирин тийгизүүдө. Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын долбоорлорун кошо каржылоо же ишке ашыруу боюнча милдеттенмелерин кандайдыр бир объективдүү же субъективдүү себептерден улам өз убагында аткара албай калган ЖӨБ органдарын Финансы министрлиги "кара тизмеге" киргизет. Мындай тизмеге кирген ЖӨБ органдары дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды алуу боюнча конкурстарга катыша албай калышат. Балким милдеттенмелердин сакталбай калышы кыйыр түрдө бир нерсеге байланыштуу болууда: дем берүүчү гранттар боюнча долбоорлорду ишке ашырууга өтө аз убакыт бөлүнөт.

Дем берүүчү гранттарды жергиликтүү бюджеттен кошо каржылоонун үлүшүнүн көбөйүшү дотациядагы ЖӨБ органдарынын бул грантка жетүүсүн мүмкүн кылбай жатат. Үлүш 2015-жылы көбөйтүлгөн. КР Өкмөтү 2015-жылдын 21-апрелиндеги №230 Токтому менен Үлүштүк (дем берүүчү) гранттардын эсебинен долбоор-

лорду тандап алуу жана каржылоо тууралуу Жобого өзгөртүүлөрдү киргизген. Бул өзгөртүүлөр кирешелик камсыздалуу деңгээли 50дөн 100 пайызга чейин болгон ЖӨБО үчүн (аз камсыздалган ЖӨБ) катышуу үлүшүнүн пайызын өзгөрткөн – салым 10 пайыздан 15 пайызга чейин болгон. Ошону менен катар салым акчалай түрүндө болушу керек. Ал эми 2012-жылы ушундай эле кырдаалда салым 50 пайыз материалдык жана эмгек ресурстарынан түзүлө алмак. Ошентип, ЖӨБдүн бул категориясы үчүн акча босогосу иш жүзүндө 5 пайызга да эмес, 10 пайызга көбөйгөн. Кирешелик камсыздалуу деңгээли 50 пайыздан төмөн болгон ЖӨБ үчүн салым 10 пайыздан 7 пайызга чейин төмөндөтүлгөн. Бирок үлүштүн жарымын материалдар жана эмгек ресурстары менен компенсациялоо мүмкүнчүлүгүнүн жокко чыгарылышы иш жүзүндө алар үчүн акчалай салымды 2 пайызга көтөргөн.

## Бюджет аралык мамилелердин реформасы

Бюджет аралык мамилелердин реформасы өтө жай ишке ашырылып жатат. Реформа жүргүзүү тууралуу чечим өкмөттүн акыркы жылдары кабыл алган чечимдеринин ичинен эң маанилүүлөрүнүн бири (мисалы, 2016-2019-жылдар мезгилинде КРда бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүү концепциясын кабыл алуу). Финансылык децентралдаштыруу шарттарында түрдүү деңгээлдердеги бюджеттердин финансылык өз ара мамилелерин принципиалдуу өзгөртүүгө, бюджеттик тартипти жогорулатууга, финансылык ресурстарды бөлүштүрүүдө ачык-айкындуулукту жана туруктуулукту көбөйтүүгө багытталган негизги милдеттери же аткарылбай жатат, же өтө кечигүү менен ишке ашырылууда. Концепцияда айтылган максаттардын көбүнүн күчүндө болгон мөөнөтү бүттү. Ошондуктан алар жаңы программалык документтерге киргизилиши керек, себеби алар боюнча прогресске жетүү мүмкүн болгон жок.

Бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүүнүн жаңы программасын кабыл алып жатканда финансылык өз ара мамилелерди саясий мамилелер менен толуктоо зарыл. Бул үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын же алардын кызыкчылыктарын коргогон уюмдардын (КР ЖӨБ Союзу) ортосунда туруктуу бюджеттик диалогду уюштуруу зарыл. Жаңы программа мурдагы Концепциянын тагдырын кайталабашы үчүн өзгөчө саясий колдоо зарыл, ошондой эле анын багыттарынын ишке ашырылышына көзөмөлдү КР Жогорку Кеңеши жүргүзүүгө тийиш.

2021-2025-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасында Бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүүнүн жаңы программасынын долбоору талкуу процессинде турат. Документтин долбоору иштелип чыгып, КР Финансы министрлигинин комментарийлерин жана толуктоолорун күтүүдө.

## Аймактарды өнүктүрүү

Жергиликтүү бюджеттердин көбүндө капиталдык салымдарга каражаттын жоктугу дайыма болгон жана олуттуу көйгөй бойдон кала берүүдө. Жергиликтүү бюджеттен капиталдык салымдар айылдык аймактардын басымдуу бөлүгүндө калдык принциби боюнча пландалып келет. Себеби каржылоодо артыкчылык мындайча айтканда "корголгон" беренелерге берилип калат (кызматкерлердин айлык акысы, социалдык камсыздандырууга чегерүүлөр, коммуналдык чыгашалар). Ушундан улам дотацияда турган, бюджеттик түшүүлөрдүн тартыштыгын сезген ЖӨБ органдары үчүн өнүктүрүүгө каражат – бул төлөй албаган ашкере байлык.

Мындай кырдаалда донорлордун каражаттарына (алар туруктуу эмес жана дайыма эле туура пландала бербейт), республикалык бюджеттен капиталдык салымдарга (башаламан жана күтүлбөгөндөй пландалат), дем берүүчү (үлүштүк) гранттарга (конкурстун негизинде берилет жана кошо каржылоо босогосу өтө жогору) жана аймактарды өнүктүрүү фонддоруна (дайыма эле жеткиликтүү боло бербейт жана көбүнчө социалдык инфраструктура объекттерине багытталган) гана үмүт артууга туура келет.

### Республикалык бюджеттен капиталдык салымдар

"Капиталдык салымдар" бөлүмү республикалык бюджеттен каржыланган бюджеттик инвестицияларды аймактарга бөлүштүрүүдө кандайдыр бир бааны камтыбайт. Инвестициялык долбоорлор өлкөнүн өнүгүү артыкчылыктарына канчалык шайкеш келгенине эч кандай анализ жасалбайт. Артыкчылыктуу программаларга жана долбоорлорго пландалып жаткан тышкы зайымдар экономикалык өсүшкө жана жакырчылыкты кыскартууга кантип көмөктөшө турганына эч кандай түшүндүрмө да жок. Министрликтердин жана ведомстволордун капиталдык салымдар объекттеринин, капиталдык чыгашаларынын тизмеси боюнча бюджеттин инвестициялык чыгашаларын пландоо жана аткаруу бөлүгүндө, ошондой эле дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын линиясы боюнча да коомдо сын-пикир дайыма жаңырып келет. Бул сындар ачык-айкындуулуктун жоктугуна, мамлекеттик келишимдерди алуу үчүн курулуш компанияларынын коррупциялык жол менен сүрөөгө байланыштуу айтылат.

ЖӨБ Союзу бир нече жолу КР Өкмөтүнүн жана КР Жогорку Кеңешинин көңүлүн республикалык бюджеттен капиталдык салымдарды пландоо принцибине бурганга аракет кылган. Союз бул принциптер эскирип, КР Бюджеттик кодексинде камтылган карама-каршылыктарга негизделгенин белгилеп келатат. КР Бюджеттик кодексинде (КР БК) бул багытта бир нече талаптар бар: КРда мамлекеттик финансыны башкаруу стратегиялык (КР БК 82-берене), орто мөөнөттүү (КР БК 82-89-беренелери) жана программалык (КР БК 84-85-беренелер) ыкмаларга

негизделүүгө тийиш. Бирок буга карабастан ошол эле КР БКда капиталдык салымдарды "жалпы көлөм" катары пландоо тууралуу логикага сыйбаган жобо да бар (б.а., үч жылдык божомолсуз, ресурстарды тармактык программалык бөлүштүрүүсүз бир сап менен) (КР БК 29-бер.). Бул карама-каршылык капиталдык салымдарды ички булактардан пландоодо башаламандыкка жана калыс эмес мамилеге (айрым кызмат адамдарынын кызыкчылыктарын сүрөөгө), салымдарды бөлүштүрүү ачык-айкын болбогонуна (аймактык жана тармактык анализдин жоктугуна) алып келип, ЖӨБ органдарына өзүнүн социалдык-экономикалык өнүктүрүү программаларында бюджеттик инвестициялардын бул түрүн эсепке алууга мүмкүнчүлүк бербей жатат.

Сурамжылоого катышкан ЖӨБ органдарынын өкүлдөрү капиталдык салымдарды пландоонун азыркы тартиби ачык-айкын болбогонун жана заман талабына жараша социалдык-экономикалык, финансылык пландоонун талаптарына шайкеш келбегенин бир добуштан айтышты. Азыркы тартип "бир мүнөттө", эч ойлонбостон, макулдашпастан чечим кабыл алууга түртүп жатат. Мунун айынан:

- ЖӨБ органдарынын өкүлдөрүндө алардын аймактарында республикалык бюджеттин эсебинен объекттердин курулушу боюнча кабыл алынып жаткан чечимдер тууралуу маалыматка ээ эмес;
- каражаттар жана объекттер адилетсиз бөлүштүрүлгөн фактылар орун алууда (КР ЖКнын таасирдүү депутаттары же Өкмөт мүчөлөрү "өз" аймактарынын пайдасына каражаттарды кайра бөлүштүрүп чыгууга көмөктөшүүдө);
- узак жылдар бою курулчу объекттер топтоло берип, жергиликтүү жамааттардын жаңы объекттерге болгон көптөгөн реалдуу муктаждыктары канааттандырылбай калууда.

### Аймактарды өнүктүрүү фонддору

КР Бюджеттик кодексине ылайык, аймактарды өнүктүрүү фонддору жергиликтүү маанидеги инфратүзүмдү өнүктүрүүнү жана күтүүнү каржылоо жана аймактарды социалдык-экономикалык өнүктүрүүнүн программаларына ылайык максаттуу арналыштагы иш-чараларды ишке ашыруу үчүн багытталат.

Аймактарды өнүктүрүү фонддоруна каражаттардын түшүү динамикасы туруктуу өсүштү көрсөтүүдө. Бирок алар тоо-кен казуучу тармактарда иш алып барган ишканалар берген каражаттан түзүлөрүн, ал эми алардын иштөө мөөнөтү пайдалуу кендер запасы менен чектелгенин унутпаш керек. Мындан улам аймактарды өнүктүрүү фонддорун толуктап турган ресурстар да чексиз эмес, алар бир күнү түгөнөт. Ошондуктан фонддордун каражаттары узак мөөнөттүү мезгилге экономикалык пайда табууну эсепке алуу менен чыгымдалышы керек. Чындыгында аймактарды өнүктүрүү фонддорунун чыгашалар түзүмү бир өңчөй эмес, мында социалдык жана спорттук багыттагы объекттерди каржылоого артыкчылык берилип, экономикалык жана экологиялык маселелер көз жаздымында кала берүүдө. Райондун деңгээлиндеги аймактарды өнүктүрүү фонддорунун чыгашаларында эң чоң салыштырма салмак айыл чарба техникасын сатып алууга (дээрлик 24%); социалдык объекттердин капиталдык ремонтуна жана курулушуна (дээрлик 39%) туура келет. Ошону менен катар аймактардын инвестициялык жагымдуулугун көбөйтө алган, же экономиканы өнүктүрүү үчүн жагымдуу чөйрөнү түзө алган чыгашалар өтө аз. Болочок муундардын бакубат турмушу үчүн пайдубал болуп берчү жер казынасынын запасы азыр эле "желип" калууда.

## 2021-2023-жылдарга республикалык бюджеттин долбооруна карата ЖӨБ Союзунун сунуштары

### 2021-2023-жылдарга республикалык бюджеттин долбоорун коомдук угууларда талкуулоо маалында түшкөн сунуштарды эсепке алуу зарыл

Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 24-главасына ылайык, КР Өкмөтү бюджеттик процесстин жана бюджеттин ачык-айкындуулугун камсыз кылуу боюнча иш-чаралардын топтомун ишке ашырууга, анын ичинде коомдук бюджеттик угууларды өткөрүүгө тийиш. Бирок бюджет долбоорун киргизип жатканда КР Өкмөтү өткөрүлгөн коомдук угуулар, коомдук угууларда көтөрүлгөн маселелер, жарандык коомдун өкүлдөрүнөн түшкөн, анын ичинде ЖӨБ Союзу өлкөнүн муниципалитеттеринин атынан берген сунуштарына жана эскертүүлөрүнө реакция жасоо боюнча КР Өкмөтүнүн пландары тууралуу маалымат берген жок.

Мындан тышкары өткөн жылдардын бюджеттерин кароо маалында коомдук парламенттик угуулардын жүрүшүндө алынган комментарийлерди кароонун жыйынтыктары тууралуу да маалымат бериле элек.

Мунун баары бюджеттик саясатты жакшыртуу жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жогорулатуу боюнча жарандык сектордун сунуштарын кароого карата КР Өкмөтүнүн формалдуу мамилесинен кабар берет.

2020-жылы бюджеттик диалог процесси 2021-2023-жылдарга КР ЖК Бюджеттик резолюциясынын долбоорун талкуулоодон башталды. Талкуунун натыйжасында Бюджеттик резолюцияга кошуу үчүн бюджет аралык мамилелерди реформалоо жаатында бир катар прогрессивдүү сунуштар КР Өкмөтүнө берилди. Алар төмөнкүдөй маанилүү маселелерге тиешелүү болду:

- Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин 2019-жылдын 17-октябрындагы №3296-VI токтомуна ылайык мамлекеттик органдар менен жергиликтүү өз алдын-

ча башкаруу органдарынын функцияларын жана ыйгарым укуктарын так бөлүштүрүү, республикалык бюджет менен жергиликтүү бюджеттер ортосунда чыгаша милдеттенмелерин, анын ичинде саламаттык сактоо, билим берүү чөйрөлөрүндө, ошондой эле өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал киргизилген шарттарда милдеттенмелерин так аныктоо;

- муниципалдык менчикте турган, бирок мамлекеттик органдар колдонгон объекттерди мамлекеттин менчигине өткөрүү;
- капиталдык салымдар беренеси боюнча социалдык объекттерди тандап алуунун критерийлерин кайра карап чыгуу, өзгөчө жергиликтүү калктын демографиялык өнүгүүсүн, жеринде мектеп билим берүү тармактарын оптималдаштыруу мүмкүнчүлүктөрүн эсепке алып, маселелерди чечүүнүн альтернативалык чараларын көрүү менен мектептердин курулушуна байланышкан критерийлерди кайра карап чыгуу;
- жергиликтүү бюджеттердин чыгашаларын каржылоону минималдык мамлекеттик социалдык стандарттарга ылайык камсыздоо үчүн теңдештирүүчү трансферттерди эсептөө методикасын жана формуласын кайра карап чыгуу. Бул болсо бир нече максатта жасалат: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын компетенциясына караган маселелерди чечүү үчүн алардын финансылык мүмкүнчүлүктөрүн теңдештирүү, бул маалыматтарды автоматташтыруу жана жеткиликтүүлүгүн камсыздоо жолу менен трансферттерди эсептөөнүн ачык-айкындуулугун жана ачыктыгын жогорулатуу;
- ар бир жергиликтүү өз алдынча башкаруу органына теңдештирүүчү трансферттердин болжолдуу көлөмүн өз алдынча эсептеп чыгууга жардам берген онлайн моделди киргизүү;
- бир эле маалда санариптештирүүнү киргизип, коомдук кызматтарды көрсөтүүдө маалыматтык технологияларды кеңири колдонуу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун чыгашаларын кыскартуу маселесин карап чыгуу;
- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик кодексинин 29-беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүү. Ал өзгөртүүлөр капиталдык салымдар формасында ички бюджеттик инвестицияларды программалык негизде бюджеттөөнүн принциптерине жана маалыматтын ачык-айкындуулугуна ылайык пландоону камсыздайт. Муну менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрүнүн Экономикалык-социалдык өнүктүрүү программаларын, жергиликтүү бюджеттердин пландарын жана божомолдорун жүйөлүү даярдай алышат.

КР ЖКнын бул сунуштарынын баары эле бюджеттин долбоорун түзүп жатканда эсепке алына берген эмес. Ошондой эле ЖӨБ Союзунун өткөн жылдын республикалык бюджетинин долбooруна жана 2021-2023-жылдарга ФСНБ долбooруна сунуштары да эске алынбай калган. Жылдан жылга кайталанып берилип жаткан сунуштарга реакциянын жоктугу ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын инерттүүлүгүнөн, же кырдаалды өзгөртүүгө болгон каалоонун жоктугунан кабар берет.

## Жергиликтүү бюджеттердин абалын жакшыртуу үчүн зарыл болгон чаралар

Жогоруда айтылган көйгөйлөрдү бир топтомдо карап чыгып, бир тыянак чыгарууга болот: бүгүнкү күндө жергиликтүү бюджеттердин жана бюджет аралык мамилелердин өнүгүүсүндө бир катар олуттуу практикалык чектөөлөр бар. Алар:

- көпчүлүк ЖӨБ органдарынын киреше потенциалы төмөн (чабал же толук эсепке алынбаган киреше базасы, салык төлөөчүлөрдүн кирешелери төмөн);
- республикалык бюджеттин каражаттары тартыш, бул болсо теңдештирүүнү камсыздоого терс таасирин тийгизип, ЖӨБдүн функциялары жана ыйгарым укуктары каржыланбай калууда;
- ченемдик база ойдогудай бекем жана ийкемдүү эмес (нормативдерде (мисалы, жалпы мамлекеттик кирешелерди бөлүштүрүүдө) дифференциялык ыкма колдонулбайт); муниципалдык кызмат көрсөтүүлөрдүн стандарттары жок; бюджетти пландоо жана аткаруу боюнча нускама материалдар өркүндөтүлүүгө тийиш; фгменттик функционалдык анализ жана жумуш процесстерине анализ жок ж.б.;
- жергиликтүү бюджеттерди пландоого жана аткарууга тартылган адам ресурстарынын потенциалы төмөн.

Идеалында өнүккөн жергиликтүү бюджет:

- бардык жергиликтүү маанидеги маселелерди пландуу чечүү үчүн, өзүнүн жана өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткаруу үчүн жетиштүү болгон көлөмдө кирешеси болууга тийиш; ошону менен катар каражаттардын олуттуу үлүшү жергиликтүү жамааттарды өнүктүрүүгө багытталууга тийиш (муниципалдык жана мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдүн жогорку стандарттарынын сакталышына, жаңы жумушчу орундардын түзүлүшүнө көмөкчү болгон социалдык жана инженердик инфраструктурага инвестициялар салынышы керек);
- улуттук деңгээлде өнүктүрүү факторлорун күчөтүп, өлкө ичинде экономикалык интеграцияны бекемдеп, аймактар ортосундагы долбоорлорду ишке ашыруу үчүн программалык субсидиялар берилүүгө тийиш;
- заман талабына жооп берген технологияларды, түшүнүктүү нускамаларды жана нормаларды колдонуу менен квалификациялуу жетекчи жана финансы менеджерлер эффективдүү түрдө башкарышы керек.

## Кырдаалды жакшыртуу боюнча сунуштар

Жогоруда сүрөттөлгөн чектөөлөрдүн таасирин азайтуу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун (бюджеттик чөйрөдө) жана бюджет аралык мамилелердин реформасы этап-этабы менен ишке ашууга тийиш. Ал өзүнө төмөнкүдөй негизги багыттарды камтый алмак:

Андан аркы финансылык децентралдаштыруу: жергиликтүү өз алдынча башкаруунун каржыланбаган функцияларын каржылоонун эсебинен мамлекеттик бюджетте жергиликтүү бюджеттердин үлүшүн жогорулатуу, ошол эле маалда аларды инвентаризациялоо ; республикалык бюджеттин жана жергиликтүү бюджеттердин өзүнчө жана чогуу чыгаша милдеттенмелерин, анын ичинде саламаттык сактоо, билим берүү чөйрөлөрүндө, ошондой эле өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал киргизилген шарттарда милдеттенмелерин так аныктоо;

Жергиликтүү жамааттар менен республикалык деңгээлде мамлекеттик башкаруу органдарынын ортосунда бюджеттик диалог түзүлүүгө тийиш: мамлекеттик органдар менен ЖӨБ органдарынын алкактарын белгилеп, кызыкчылыктарын макулдашуу процессин киргизүү зарыл; республикалык жана жергиликтүү бюджеттерди пландоо жана аткаруу маселелери боюнча, бюджет аралык мамилелер боюнча КР Финансы министрлиги менен ЖӨБ органдары ортосунда өкмөттүк деңгээлде талкуулоо механизмин киргизүү зарыл. Буга байланыштуу мыйзамдарга киргизилчү өзгөртүүлөрдүн пакетин макулдашуу жана кабыл алуу процессин тездетүү керек. ЖӨБ Союзу иштеп чыккан өзгөртүүлөр пакетинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен бийликтин борбордук органдары ортосунда бюджет аралык мамилелер маселелери боюнча кызыкчылыктарды макулдашуу процесси каралган;

Киреше потенциалын бекемдөө: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын киреше потенциалын жана киреше деңгээлин жогорулатууга, чыгымдарын азайтууга шыктандырган чараларды киргизүү зарыл. Мисалы: муниципалдык мүлктү дагы да сапаттуу башкаруу, муну инвентаризация жүргүзбөстөн жасоо кыйын болот, финансылык менеджменттин сапатын жогорулатуу, социалдык-экономикалык көрсөткүчтөрдүн негизинде жергиликтүү бюджеттердин кирешелерин божомолдоо сапатын көтөрүү. Мындан тышкары, муниципалдык менчкитеги объекттер жана муниципалдык жер менен бүтүм түзүү үчүн (ижарага берүү, сатуу) электрондук соода аянтчасын түзүү боюнча иштерди тездетүү, муниципалдык менчикте турган, бирок мамлекеттик органдар колдонгон объекттерди мамлекеттин менчигине өткөрүп берүү.

Жөнгө салынган жалпы мамлекеттик салыктар: Жалпы мамлекеттик кирешелерди бөлүштүрүүнү өзгөртүү (киреше салыгынан чегерүүлөрдүн нормативдерин көбөйтүү, сатуудан алынган салыктардан чегерүүлөрдүн нормативдерин азайтуу) салыктык киреше түзүмү ар башкача болгон ЖӨБдүн кирешелерине кандай реалдуу таасир тийгизерине баалоо жасаш керек. Дифференцияланган ыкманы колдонуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу зарыл;

Ачык-айкын жана эффективдүү бюджет аралык трансферттер: бюджет аралык трансферттерди эсептөөнүн методикасын жакшыртуу жана анын ачык-айкындуулугун жогорулатуу зарыл. Бул үчүн:

а) теңдештирүүчү трансферттердин формуласын жөнөкөйлөштүрүп, алардын адилет бөлүштүрүлүшүн камсыз кылып, ачык-айкындуулугун жогорулатуу, болжолдой алуу мүмкүнчүлүгүн жогорулатуу;

б) республикалык деңгээлден ыйгарым укуктарды жана функцияларды өткөрүп бергенде аларды толук жана эффективдүү аткаруу үчүн финансылык каржылоону жана зарыл болгон ченемдик базаны камсыз кылуу зарыл. Ошону менен катар максаттуу трансферттин көлөмү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын киреше потенциалын эсептөөгө кошулбашы керек; өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктардын, анын ичинде өзгөчө кырдаал жана өзгөчө абал маалында өткөрүлүп берилген, ошондой эле саламаттык сактоо, билим берүү жана социалдык өнүктүрүү чөйрөлөрүндө берилген ыйгарым укуктардын баасын аныктоо методикасын өркүндөтүү зарыл;

в) максаттуу трансферттердин мыйзамдардын талаптарына шайкеш келишин камсыз кылуу; Финансы министрлиги айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды каржылоого бөлүнгөн максаттуу трансферттердин жалпы суммасын тагыраак анализдеген документти чыгарышы керек. Анда анализдин жыйынтыгында бул суммалардын азайганы эмес, көбөйгөнү көрсөтүлүшү керек.

## Өнүктүрүү бюджети:

Дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды бөлүп берүү саясатын кайра карап чыгуу абзел. Мунун ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кирешелик камсыздалуу деңгээлине жараша кошо каржылоонун үлүшүнө прогрессивдүү босогону киргизүү зарыл. Дем берүүчү (үлүштүк) гранттардын эсебинен ишке ашырылган долбоорлорду ишке ашыруу үчүн убактылуу чектөөлөрдү кайра карап чыгуу; орто мөөнөттүү келечекте дем берүүчү (үлүштүк) гранттарды жергиликтүү өнүктүрүү бюджеттерине алмаштыруу зарыл. Буга кошумча бюджет аралык мамилелерде өнүктүрүү компоненттерин каржылоонун көлөмүн бара-бара көбөйтүү зарыл;

Республикалык бюджеттен капиталдык салымдарды башкаруунун жаңы принциптерин киргизүү зарыл: реформа ички капиталдык салымдарды пландоонун жана ишке ашыруунун түшүнүктүү жана ачык эрежелерине өтүүнү камтышы керек. Бул үчүн республикалык бюджеттен ички капиталдык салымдардын эсебинен каржыланган курулуш жана реконструкция объекттер тизмесин бекитүүнүн азыркыдай ачык эмес, болжолдоого мүмкүн болбо-

гон механизми өзгөрүүгө тийиш. КР Бюджеттик кодексине өзгөртүүлөрдү киргизүү үчүн КР ЖК депутаттары жана КР Өкмөтү демилге көтөрүп чыгуусу абзел. Бул өзгөртүүлөр капиталдык салымдарды программалык негизде бюджеттөөнүн принциптерине жана маалыматтын ачык-айкындуулугуна ылайык пландоону камсыздайт. Бул ишке ашып калса, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрүнүн Экономикалык-социалдык өнүктүрүү программаларын, жергиликтүү бюджеттердин пландарын жана божомолдорун жүйөлүү түрдө даярдай алышат.

Аймактарды өнүктүрүү фонддорун активдүү жана максатка ылайык колдонуу зарыл (бул иштер болочок муундун бакубатчылы үчүн пайдубал түптөөгө багытталышы керек).

Жер-жерлерде башкаруунун кесипкөйлүгү жана маданияты: жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында финансылык тартипти бекемдөөнүн жана финансылык менеджментти күчөтүүнүн механизмдерин киргизүү зарыл. Муниципалдык кызматчылардын квалификациясын жогорулатыш керек;

Кыргыз Республикасында бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүү программасы: 2021-2025-жылдар мезгилине Кыргыз Республикасында бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүүнүн жаңы программасын талкуулоо жана кабыл алуу процессин тездетүү зарыл.

### Колдонулган материалдар жана маалымат булактары:


- 2010-жылдын 27-июнундагы Кыргыз Республикасынын Конституциясы.
- 2016-жылдын 16-майындагы №60 “КР Бюджеттик кодексин колдонууга киргизүү жөнүндө” КР Мыйзамы менен бекитилген КР Бюджеттик кодекси;
- 2013-жылдын 9-июлундагы №127 “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү тартиби жөнүндө” КР Мыйзамы;
- КР Жогорку Кеңешинин 2020-жылдын 10-июнундагы № 3822-VI токтому менен бекитилген Кыргыз Республикасынын 2021-жылга Бюджеттик резолюциясы жана 2022-2023-жылдарга болжолу;
- КР Өкмөтүнүн 2018-жылдын 31-октябрындагы №513 токтому менен бекитилген КРда Жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү программасы;
- КР Өкмөтүнүн 2016-жылдын 10-мартындагы №116 токтому менен бекитилген 2016-2019-жылдардын мезгилине Кыргыз Республикасында бюджеттер аралык мамилелерди өнүктүрүүконцепциясы;
- 2020-2025-жылдардын мезгилине КРда бюджет аралык мамилелерди өнүктүрүү программасынын долбоору;
- КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 14-сентябрындагы №483 токтому менен бекитилген 2021-2023-жылдарга КРнын фискалдык саясатынын негизги багыттары;
- КР Финансы министрлигинин ачык булактарынан (http://minfin.kg) жана “Ачык бюджет” порталынан (https://budget.okmot.kg) ар кайсы жылдар үчүн республикалык бюджет жана жергиликтүү бюджеттер тууралуу маалыматтары.


*Өнүктүрүү саясат институту көп жылдардан бери КР ЖӨБ органдарына калк менен, анын ичинде балдарды жана жаштарды кошкондо айрым максаттуу топтор менен ишти өркүндөтүүгө жардам берип келатат. “Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу муниципалитеттер” Долбоорунун[1] алкагында ӨСИ Кыргызстандын 32 шаардык жана элеттик муниципалитеттеринде “Балдарга жана жаштарга ыңгайлуу Кыргызстан” демилгесин адаптациялап, киргизүүгө көмөк көрсөттү. Натыйжада ЖӨБдүн деңгээлинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жаштар менен иш алып баруусунда айрым жаңы аспаптар даяр болду. Алар Кыргызстандын төмөнкүдөй муниципалитеттер тобунда иш жүзүндө колдонула баштады:*

- **Ош, Жалал-Абад, Ноокат, Кара-Суу, Кызыл-Кыя шаарлары;**
- **Ош облусундагы Гүлистан айылдык аймагы (мындан ары – АА) жана Алля-Анаров АА;**
- **Жалал-Абад облусунун Сузак, Курманбек, Кызыл-Туу, Багыш, Ырыс, Таш-Булак АА;**
- **Чүй облусунун Кочкорбаев, Юрьевка, Люксембург, Узун-Кыр, Ново-Покровка АА;**
- **Ысык-Көл облусунун Сары-Булак АА, Нарын облусунун Үгүт АА жана Талас облусунун Кара-Буура АА.**

*Долбоордун алкагында ЖӨБ органдарынын кызматкерлери жана жетекчилери, жергиликтүү жамааттардын жаш мүчөлөрү (балдар жана жаштар) өспүрүмдөр менен жаштардын өзгөчөлүү муктаждыктары, көбүнчө жергиликтүү кызмат көрсөтүүлөргө жеткиликтүүлүк жаатындагы муктаждыктары тууралуу билимин жакшыртууга мүмкүнчүлүк алышты. Алар жергиликтүү өнүктүрүү саясатын өспүрүмдөр менен жаштардын кызыкчылыктарын эсепке алып пландоо жана ишке ашыруу көндүмдөрүнө, усулдарына үйрөнүштү. Долбоорду пилоттук негизде киргизүүнүн натыйжасында балдар менен жаштардын муктаждыктарына, керектөөлөрүнө жана укуктарына жооп берген, иштеп кете алган өнүктүрүү пландары пайда болду.*

*Балдарда жана жаштарда муктаждыктарды жана керектөөлөрдү баалоого, кырдаалга анализ жасоого, жергиликтүү стратегияларды ишке ашыруу пландарын, бюджетти түзүүгө, жыйынтыктарына мониторинг жүргүзүүгө катышуу мүмкүнчүлүгү пайда болду. Мектеп парламенттери, жаштар топтору өңдүү формалдуу жана*

[1] Долбоор DFID (Британиянын Эл аралык өнүктүрүү министрлиги) менен БУУнун Тынчтыкты куруу фондунун финансылык колдоосу алдында, БУУнун Балдар фонду (ЮНИСЕФ) менен биргеликте ишке ашырылып жатат.

# Жаштар тарбиялоонун объектиси эмес, алар өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткыч күчү

**Түрмөктү Өнүктүрүү саясат институтунун буйрутмасы менен Айнура ДЖУНУШАЛИЕВА, Гузель ЖАНАЛИЕВА жана Жылдыз КЕРИМОВА даярдашты**



*бейформал туруктуу жаштар институттары, топтор жаштардын бул процесстерге катышуусун камсыз кылган механизмге айланышты. Алар чечим кабыл алган адамдарга жаштардын көйгөйлөрү тууралуу маалыматты жеткирүүгө жардам беришүүдө.*

*Долбоордун ишинин жыйынтыгы боюнча ЖӨБ органдары үчүн колдонмо иштелип чыкты. Анда муниципалитеттин деңгээлинде жаштар саясатын кантип даярдап, ишке ашырса болоору баяндалган. Колдонмодо балдар менен жаштардын муктаждыктарын, керектөөлөрүн аныктоодон баштап, конкреттүү иш-чараларды аткаруу аспаптарын колдонууга чейин процесс толук камтылган. “Муниципалитет” журналынын бул санында ЖӨБдүн жаштар саясатын иштеп чыгуу жана ишке ашыруу процессинин катышуучуларынын ролдору баяндалат. Журналдын кийинки санында жаштардын муктаждыктарын жана керектөөлөрүн изилдөөнүн аспаптарын, ошондой эле жаштар саясатын ишке ашыруучу айрым аспаптарды сүрөттөгөн макала жарыяланат. Практикалык көз караштан алганда ЖӨБ органдары үчүн бул маселе боюнча айрым муниципалитеттердин ушул журналда баяндалган тажрыйбасы маанилүү жана кызыктуу болот деп ойлойбуз. Мыкты практиканын мисалдары менен дагы да толук таанышууну кааласаңыз Мыкты практикалар порталына кайрылууну сунуш кылабыз. Дареги: myktyaimak.gov.kg*

Коом кескин өзгөрүүлөрдү талап кылып чыккан учурда жаштар ошол өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткыч күчүнө айланган учурлар Кыргызстандын жана дүйнөнүн жаңы тарыхында аз эмес. Айталы, XX кылымдын башында ал кезде Кыргыз ССРи болгон коомдун турмушуна өзгөрүүлөрдү илимди, маданиятты жана искусствону жигердүү түрдө өнүктүрө баштаган интеллигент жаштар алып келген. Ал эми XXI кылымдын башында жаштардын жаңы мууну өзгөрүүлөрдү, башкаруу процессин демократиялаштырууну талап кылып, Бишкектин борбордук аянтында кылкылдап турган. 2020-жылы Кыргызстанда жаштар жалпы калктын 26% түздү. 10 жылдан кийин жаштардын саны 18 пайызга көбөйүп, бул көрсөткүч 2 миллион адамдан ашат деп күтүлүүдө. Башкаруунун улуттук деңгээлинде, өкмөттө жаштар мамлекетти өнүктүрүүнүн стратегиялык ресурсу боло аларын баамдай баштashты. Себеби жаштар эбегейсиз чоң социалдык-экономикалык, маданий, чыгармачыл жана илимий потенциалга ээ. 2020-2030-жылдарга Жаштар саясатынын концепциясынын[1] кабыл алынганы да мындан кабар берет. Концепцияда жаштар коомду кайра өзгөртүүнүн активдүү субъекти, өлкөнү өнүктүрүүнүн жана лидерлигинин драйвери, ошон-

[1] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2019-жылдын 18-октябрындагы №562 Токтому менен бекитилген 2020-2030-жылдарга Жаштар саясатынын КОНЦЕПЦИЯСЫ




дой эле социалдаштыруунун объектиси, экономикалык өсүштүн жана муундардын бакубаттуулугун камсыздоочу эң баалуу кадрдык ресурс катары каралган. Жаш жаранды өз алдынча инсан катары өнүктүрүү, анын позитивдүү көз карашын жана талап кылынган компетенцияларын калыптандыруу башкы артыкчылыктар деп таанылат.

Концепцияга ылайык, жаштар саясаты алкагындагы бардык күч-аракеттер төмөнкүдөй натыйжаларга жетишүүгө багытталууга тийиш:

- жаштар жоопту чечимдерди кабыл алууда түздөн-түз катышуучу болуп саналат;
- жаштар өз кызыкчылыктарына жетүү үчүн жетиштүү билимге жана көндүмдөргө, жакшы ден соолукка ээ болот;
- жаштар финансылык туруктуулукка жетүүгө жөндөмдүү;
- жаштар өз максаттарына жетүү үчүн шарттарды түзүүнү демилгелейт жана ал шарттарды түзүүгө катышат;
- жаштар коомдун мүчөлөрүн мобилизациялоо менен өз кызыкчылыктарын илгерилетет;
- өнүктүрүү процессине активдүү катышкан жаштардын саны өсөт;
- жаштар мамлекеттин жана коомдун өнүгүүсүнүн толук укуктуу жана толук кандуу субъектиси болуп саналат.

Бирок бул натыйжаларга жетүү үчүн улуттук деңгээлде гана иш жүрбөшү керек. Бери дегенде жергиликтүү деңгээлде, жамаатка баарынан көп жакын болгон ЖӨБ органдарынын деңгээлинде иштер жасалууга тийиш.

Бирок жергиликтүү деңгээлде жаштар жамааттын бир бөлүгү катары бир топ себептерден улам көп учурда бааланбай, үнү жетпей кала берүүдө. Адатта жергиликтүү жамааттар менен жолугушууларда "бүгүнкү жаштар ыкшоо, жоопкерчиликтен качканга аракет кылып, көйгөй гана жаратып турат" деген пикир көп айтылат. Жаштардын көйгөйлөрү тууралуу айтып жатканда улуу муун жаштар арасындагы кылмыштуулуктун күчөшү, жумушсуздук, билимге болгон каалоонун жоктугу, улууларды сыйлабастык өңдүү терс фактыларды гана санап берет. Ошону менен катар жаштар "чечилиши керек" болгон "көйгөйдүн" ролун аткарууда. Эгерде жаштар терс фактор катары каралбаса, такыр эле көз жаздымында калышы мүмкүн деген ыктымалдуулук жогору.

Жергиликтүү өнүктүрүү программаларында жаштардан баары жакшы жүрүм-турумду күткөн, бардык маселелерге баш ийген, аны өзгөртүүгө башкаруу органдарынын жана жамааттын улуу муунунун күч-аракеттери багытталган бир объект катары каралып келген учурлар аз эмес. Жаштарды окутуп, жумушка орноштуруп, патриоттук тарбия берип, айтор каалаган нерсени жасагысы келишет. Бирок жаштарга өз ара мамилелердин субъектиси, өзгөрүүлөрдүн кыймылдаткыч күчү ролунда чыгууга мүмкүнчүлүк берүүнү каалашпайт.

Көп учурда жаштарды кабыл алуу жергиликтүү жамааттагы конкреттүү жаш курак тобуна чейин кичирейип кала берет, алардын так статусу жок: улуу деп да айтууга болбойт, бирок ошол эле кезде алар эми бала катары кабылданбайт. Бирок жаштар – бул балалыктан кийинки өткөөл курактагы, мындан улам оор процессти башынан өткөрүп жаткан, коомдо өз статусуна ээ болууга багыт алган коомдун бир катмары. Жаштар улуулардын тобуна өткөн маалда айлана-чөйрө кечээ эле бейкапар жүргөн жаштардан бир заматта социалдык жоопкерчиликти, терең ойлонулуп кабыл алынган чечимдерди күтүп, аларга жамааттын көйгөйлөрүн чечүү милдетин жүктөп коюуга даяр турушат. Ошол эле маалда кечээги жаш жаранда ушунун баарын үйрөнүп алганга мүмкүнчүлүгү болду беле деген суроо жаралат. Адатта, аларда мындай мүмкүнчүлүк болбойт.

Улуу муун жаштарды тарбиялоонун советтик системасын үлгү катары көрсөтүп калган учурлар аз эмес. Советтик система пионердик жана комсомолдук уюмдарга таянчу, жаштарга жетилип, өзүнүн коомдук ролун, укуктарын жана милдеттенмелерин бара-бара баамдап, кабыл алууга шарт түзүп берчү. Жаштарды тарбиялоонун мындай түзүмдүк таянычтары башка саясий системаларда, мисалы, скауттар жана ыктыярчылар кыймылдарында да бар. Саясий түзүлүшү ар кандай болгон көпчүлүк мамлекеттерде жаштарды өз өлкөсүнүн тагдыры

үчүн жооптуу, акылы токтоо адамдар кылып даярдаган ар түрдүү жаштар кыймылдары жана уюмдары бар. Кыргыз Республикасында мындай уюмдар, кыймылдар жана түзүмдүк уюмдар азырынча жок. Бирок аларды түзүү процесси жигердүү жүрүп жатат. Өлкөдө көп сандагы ар кандай жаштар уюмдары түзүлүүдө. Жаштар кыймылдары таанылып, түптөлүп калган өлкөлөргө салыштыра келгенде Кыргыз Республикасында кырдаал башкача – Кыргызстанда саны көп, бирок ар кимиси өз алдынча иш алып барган жаштар уюмдары биригип, башкаруунун түрдүү деңгээлдеринде чечим кабыл алуу процессинин катышуучулары болуп тааныла элек. Мамлекет жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу аларга коомдук жашоонун бир бөлүгүн расмий түрдө ишенип өткөрүп бере элек. Эгерде ошондой болгондо жаштар бул үчүн өзүнө жоопкерчилик алып, тажрыйба топтоп, жарандык көндүмдөрүн жакшыртууга шарт түзүлмөк.

Мындай жаштардын “инфраструктурасын” түзүү зарыл деген ой комсомолду жана пионерияны тамшанып эскерген коомдо да, башкаруу органдарында да бар. Мисалы, көпчүлүк ЖӨБ органдарынын социалдык кызматкерлери мектептерде тимурчулардын иши тууралуу кабарлап турушат.


Ошол эле маалда улуу муун иш жүзүндө жаштар өзүнүн “инфраструктурасын”, өзүнүн “идеологиясын” түзүп койгонун мойнуна алгысы келбей жатат. Мурда пионерлер металл жана макулатура чогултууга багыттаган, XX кылымдын 90-жылдары көчөлөрдө мушташка багыттаган энергияны бүгүнкү жаштар Интернетте жана социалдык тармактардагы түнт коомдо таанылууга багыттап жатышат. Бардык учурларда жаштар коомдо өз ролун, өзүнүн өнүгүү багыттарын, өзүнүн тренддерин таап келген. Маалыматтык технологиялар доорунда жаштар өтө чоң көлөмдөгү маалыматты сиңирип алууга, аны кабыл алып, өз багытын табууга мажбур. Азырынча жаштар муну өз алдынча, улуу муундун эч кандай тажрыйбасына таянбастан жасап жатат. Себеби улуу муун техникалык жактан алып караганда өзүнүн лидерлигин жана авторитетин алдырып койгон. Бул маселе бийликтин, биринчи кезекте ЖӨБ органдарынын көз жаздымында калбашы керектигин унутпоо зарыл. ЖӨБ органдары бүгүнкү күндө жаштар менен байланыш түзүүнүн жаңы аспаптарын ойлоп табууга тийиш. Ал аспаптар жаштардын өзүнө түшүнүктүү жана актуалдуу болушу шарт. Ошону менен катар жаштарга таасир этүүчү объект катары мамиле жасаганды токтотуп, аларды маанилүү субъект, өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү катары кабыл алып, мындан улам жаштар менен байланыш түзүү зарыл.

***ЖӨБдүн жаштар саясатынын негизги принциби: жаштар – бул таасир этиш керек болгон объект эмес, алар өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү болгон субъект. Саясаттын чаралары мындайча түзүлүүгө тийиш: жаштар бир эле маалда ошол чаралардын “заказчылары” да, активдүү “аткаруучулары” да болушу шарт.***

## Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунда жаштардын катышуу деңгээлине берилген баа


Изилдөөлөр көрсөткөндөй, жаштар ЖӨБ органдарынын ишине жана жергиликтүү жамаатты өнүктүрүүгө улуу муундай эле даражада кызыгышат. Атүгүл жаш өткөн сайын жергиликтүү жама-

***1-диаграмма. Жаш курак топторунун алкагында ЖӨБ органдарынын ишине болгон кызыгуу, 2020-жыл.[1]***





[1] Ушул жерде жана мындан ары ӨСИнин 2020-жылдагы буйрутмасы менен жүргүзүлгөн социологиялык сурамжылоонун маалыматтары колдонулду. Изилдөөнүн жыйынтыктары менен төмөнкү шилтемелер боюнча тааныша аласыз: http://dpi.kg/ru/library/full/322.html (орус тилинде); http://dpi.kg/ky/library/full/323.html (кыргыз тилинде).


***2-диаграмма. Жаш курак топторунун алкагында бюджет боюнча коомдук угууларга катышкан жарандардын үлүшү, 2020-жыл***




***3-диаграмма. ЖӨБ органдары өз ишинде ачык деп эсептеген жарандардын үлүшү, 2020-жыл***




***4-диаграмма. Акыркы 12 айда кайсы бир маселелер боюнча ЖӨБ органдары менен байланышкан жарандардын үлүшү (иш-чараларга катышуу, өтүнүчтөр, суроолор, даттануулар, кайрылуулар ж.б.), жаш курак топторунун алкагында, 2020-жыл***




аттын ишине болгон кызыгуу азая берет. Себеби жеке, экономикалык жана үй-бүлөлүк кызыкчылыктар басымдуулук кылып калат экен.


Өз кезегинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жаштарга калктын корголбогон тобу катары да, өнүгүү ресурсу катары да жетиштүү көңүл бурбайт. Көп учурда улуулар "эмне кылыш керектигин билгидей алар өтө жаш"1 деген жүйө менен жаштардын демилгелерин колдоодон баш тартып коюшат. Мындан тышкары чечим кабыл алуу процессине аралашуу да жаштар үчүн абдан оор, жергиликтүү өз алдынча башкарудагы жетекчилик кызматка келүү мүмкүнчүлүгү жаштарда аз. Муниципалдык кызмат "карып баратат", ЖӨБдүн аткаруу органдарынын курамында жаш адистер барган сайын азаюуда. Жергиликтүү деңгээлде маанилүү чечимдерди кабыл алуу процессине аралашууну ала турган болсок, жаштардын бюджет боюнча коомдук угууларга катышуу деңгээли көп нерседен кабар берет: мында 30 жаштан жогорку курактагылар басымдуулук кылат.

ЖӨБ органдары жаштар, өзгөчө 20 жашка толо электер менен эң аз иш алып барышат. Айталы, бул курактагы топторго кирген жаштар арасында "ЖӨБ органдары өз ишинде ачык" деп эсептегендердин үлүшү баарынан аз болгон.

"Тигил же бул топтор кайсы бир маселелер боюнча ЖӨБ органдары менен канчалык көбүрөөк байланыш түздү?" деген суроого берилген жооптордо ЖӨБ органдарынын байланыштарында чектөөлөр өзгөчө көзгө урунат. 4-диаграммада көрүнүп тургандай, адам канчалык улуу болсо (56 жашка чейинки курактагылар) ошончолук көбүрөөк жергиликтүү бийлик менен байланышта болот. Сурамжылоонун мындай жыйынтыктарын эмпирикалык байкоолор да тастыктап турат: үй-бүлөнүн улуу мүчөлөрү үй кожолугу үчүн маанилүү болгон маселелер бо-

1 Кыргызстан: ийгиликтүү жаштар – ийгиликтүү өлкө. Адамзаттык өнүгүү тууралуу улуттук баяндама, БУУӨП, 2010.

***5-диаграмма. Жаш курак топторунун алкагында ЖӨБ органдарынын иши тууралуу маалыматтын негизги булактары, 2020-жыл***




юнча мэрияга же айыл өкмөтүнө кайрылууну туура көрсө, жаштарда өзүнүн маселелери боюнча ЖӨБ органдарына кайрылуу мүмкүнчүлүктөрү жокко эсе.

ЖӨБ органдары жаштар менен байланыш түзүүнүн өзгөчө механизмдерин жана ыкмаларын тандап алышы керек, анын баары жаштардын жүрүм-турум өзгөчөлүктөрүн жана муктаждыктарын эсепке алууга тийиш. Муну "ЖӨБ органдарынын иши тууралуу маалымат булактарынын ичинен кайсыларды тандайыз?" деген суроого берилген жооптор тастыктап турат. 5-диаграммада жаш курак топторунун алкагында жыйынтык берилди. Маалымат булактарын тандап алганда жаштардын табити башкалардан абдан айырмаланары белгилүү болду. 20 жашка толо электердин арасында негизги маалымат булагы – социалдык тармактар. Бирок 56 жаштан улуулар арасында социалдык тармактар такыр популярдуу эмес, ал эми 31-55 жаштагылардын арасында көп деле белгилүү эмес.



Мына ушулардын баарын эсепке алуу менен ӨСИ "Балдар жана жаштар үчүн ыңгайлуу Кыргызстан" демилгесин киргизүүнүн алкагында ЖӨБ органдарынын жаштар менен иш алып баруусуна киргизүүгө боло турган айрым бир аспаптарды сыноодон өткөрдү. Ийгиликтүү практика жана жаштарды чечим кабыл алуу процессине тартуу жолдору, маселени биргелешип чечүү, андан кийин мониторинг жана баалоо жүргүзүү тууралуу маалыматтар жогоруда сөз болгон колдонмого кошулду.

## Жаштарды өнүктүрүүдө ЖӨБ органдарынын ролу: башкарууга катышууга мүмкүнчүлүк берүү зарыл

Бүгүнкү күндө Кыргыз Республикасынын жаштары жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу процессине көп жакшы катышпай жатат. Жаштар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы ажырым жаштарда өз шаарында жана айылында бир нерсени өзгөртүүгө мүмкүнчүлүк бар болгонуна ишенбестикти жаратууда. Бул жаштарды терс энергиясын жана нааразычылыгын борбордук бийликтин дарегине багыттоого түртүп, аларды башаламандыктарга катышууга тукуруп, түрдүү экстремисттик кыймылдарга жана акцияларга тартылып кетүүсүнө шарт түзүп жатат. Соңку саясий окуялар мунун даана мисалы боло алат. Бул окуяларда жаштар жигердүү, бирок деструктивдүү ролду ойноду.

Ушул окуялар эки жагымсыз фактыны ачыкка чыгарды: а) башкаруу органдары, анын ичинде жергиликтүү деңгээлдеги башкаруу (ЖӨБ органдары) жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө жаштарды тартып, аларды саясий процесске ка-

тышууга үйрөтүүгө жөндөмдүү эмес болуп чыкты; б) жаштар саясий процесске тынч жол менен жана конструктивдүү катышууга жөндөмсүз жана муну кантип жасаш керектигин билбейт. Бул контексттен алып караганда жаштардын чабалдыгына төмөнкү жагдайлар шарт түздү:

- жаштардын саясий маалымдуулугу жана билими төмөн деңгээлде;
- колдо болгон демократия институттары же өз демилгелери аркылуу саясий процесске катышуунун практикалык көндүмдөрү жок;
- жаштарда мамлекеттик органдардын жана ЖӨБ органдарынын ролу, иш-милдеттери тууралуу түшүнүк төмөн деңгээлде;
- жергиликтүү деңгээлде максаттуу жаштар саясаты жана программалары жокко эсе;
- Интернетте жайылып жаткан маалыматтардын бурмалануусу;
- чакан шаарларда жана элет жергесинде жаштар жумушсуз, мындан улам үчүнчү күчтөрдүн, мисалы, диний экстремисттердин ж.б. тузагына оңой эле түшүп калышат. Ушунун айынан мамлекет менен жаштар ортосундагы мамилелерде калыптанган көз караш бар: жаштар өлкөнү, өздөрү жашаган аймактарды өнүктүрүүдө өз ролун көрө алышпайт.

Жаштар саясий процесстердин толук кандуу катышуучусу болгонду үйрөнмөйүнчө, чечим кабыл алууга катышуу көндүмдөрүнө ээ болмоюнча мындай кырдаал кайталана берет. Бирок жаштар өлкөнүн деңгээлинде саясий процесстерге катышууга аракет кылаардын алдында жергиликтүү деңгээлде чечим кабыл алуу тажрыйбасына ээ болушу керек. Улуттук саясатчынын жолу ЖӨБдүн деңгээлинде башталат.

Ушул тапта жаштарда патриоттуулук сезимин өнүктүрүп, мотивацияны күчөтүү, жаш муунду жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө тартуу зарыл болуп турат. Жаштарга жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (жергиликтүү кеңеш, мэрия, айыл өкмөтү) менен чогуу иш алып баруунун натыйжасында аймактын деңгээлинде жашоону жакшыртуу, муну менен өлкөдөгү жашоо шартын оңдоо маанилүү жана мүмкүн болгонун көрсөтүү зарыл. Көрктөндүрүү, муктаждарга жана карыларга кам көрүү, балдарды тарбиялоого катышуу, өзүн-өзү уюштура билүү, жумуш табуу өңдүү жергиликтүү маанидеги бир топ маселелер бар, жаштар энергиясын жана демилгелерин мына ушул багыттарда колдоно алышмак.

Бирок иш жүзүндө жаштарда пайда көрсөтүүгө болгон каалоо жана идея бар болгон күндө деле өз демилгесин ишке ашыруу үчүн кайда кайрыларын билишпейт. Ал арада ЖӨБ органдары жаштардын катышуусуна, жергиликтүү маанидеги маселелерди ийгиликтүү чечүү үчүн алардын энергиясын жана демилгелерин тартууга абдан муктаж болуп турушат.

## Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тарбия берүүчү чөйрө боло алат

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде адамды тарбиялап, өнүктүрүү үчүн чөйрөнү түзүп берген негизги, маанилүү кызматтар көрсөтүлөт. Бул жерде адам баштапкы жана орто билимди алат, бул болсо көп учурда анын келечектеги тандоосун аныктап коёт. Бул жерде инсан катары калыптануусу үчүн мүмкүнчүлүктөр ачылат же ачылбай калат. Бул жерде алгачкы медициналык жардам көрсөтүлөт жана оорулардын алдын алынат. Бул жерде энеликти жана балалыкты коргоо аркылуу адамдын ден соолугунун пайдубалы түптөлөт, акушердик кызматтар көрсөтүлүп, экологиялык шарттар түзүлөт. Дал ушул жерде балдар тарбияланып, жаш муун өнүгүп, инсан жана болочок жаран катары калыптандырган маданий жана социалдык көндүмдөр үйрөтүлөт. Бул жерде салт-санаалар жаралып, жашап кетет же жоголот. Алар адам катары калыптанууга, өнүгүүнүн жогорку деңгээлине жетүүгө жардам берет же өзүн прогресске каршы коёт.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу мыкты үй-бүлөлүк салттарды сактап калуу максатында аларга таасирин тийгизе алат. Ошол эле учурда үй-бүлөдө адам катары калыптануусуна бут тоскон салттарды өзгөртүүгө да салым кошо алат. Салттарга туура өзгөртүүлөрдү киргизүү менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу аялдардын үй-бүлөдөгү жана коомдогу ролун күчөтүүгө, балдардын үнүн жеткирүүгө жардам бере алат. Экинчи жагынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу кыз ала качуу, той-топурларда ысырапкорчулук өңдүү эскирген салттар менен күрөшүүгө да жөндөмдүү.

Расмий идеологиянын жана үгүттүн жоктугу элдин руханий жашоосу токтоп калышы керек дегенди билдирбейт. Бирок бул руханий жашоо түрдүү тышкы жана ички факторлордун, өтө көп көлөмдөгү маалыматтын, жамааттардын ачыктыгынын же тескерисинче, жабыктыгынын таасири алдында өнүгө берет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул жамааттагы маалыматтык, социалдык, маданий температураны жөнгө сала ала турган күч болгону талашсыз. Ушундан улам бул маселе Кыргыз Республикасынын алыскы тоолуу, обочодо калган аймактарындагы ЖӨБ органдарынын жана жамааттарынын алдында өзгөчө курч турат.

ЖӨБ органдары үй-бүлөгө байланыштуу коомго кийлигишип, жамааттын бардык мүчөлөрү, анын ичинде жаштар үчүн ыңгайлуу эмоционалдык шарттарды түзүү максатында салттарга таасир тийгизе алат. Сурамжылоого катышкандардын 70 пайыздан ашыгы дал ушул ЖӨБ органдары табия жана



салттарды түзүү маселелерине аралаша аларын айтышкан (мамлекеттик органдар – 16%)[1].

Салттар жана үй-бүлөлүк баалуулуктар, жамааттагы моралдык климат – бул кыймылсыз бир көрүнүш эмес, бул башкарууга боло турган жана муну кылыш керек болгон процесс. Бул жарандарды тарбиялоонун жана дүйнө таанымын калыптандыруучу бөлүктөр. Бош жер ээнсиреп калбайт. Эгерде муну менен жамаат, ЖӨБ органдары алектенбесе, “акыл-эсти башкарууну” каалагандар сөзсүз чыга келишет. Булар – диний уюмдар, экстремисттер, жалган маданият, кылмыштуу топтор. Бул болсо биринчи кезекте жаштарга таасирин тийгизет. Бул маселени борбор чечет деп отура берүү бери дегенде баёолук. Борбор эч качан эффективдүү “мээлердин менеджери” боло албайт.

Балдарга карата мамлекетте иштелип чыккан таасир этүүчү механизмдер болуп, негизги кызмат көрсөтүүлөр топтому кепилденип, баланын өнүгүүсү камсыздалганы менен, жаштарга карата өз ара аракеттенүүнүн так механизмдери жетишсиз. Балага 18 жашка толгонго чейин медициналык тейлөөгө жана базалык билим алууга кепилдик берилгени менен, 18 жаштан кийин жаштар мамлекет тарабынан көп кепилдиктерге үмүт арта албайт. Ошол эле маалда мамлекет жаштар кызмат көрсөтүүлөрдү өз алдынча төлөй алышы үчүн жаштардын финансылык өз алдынчалуулугун да камсыздай албайт. Ушундан улам негизги кызмат көрсөтүүлөргө жете албай, мамлекет колдоо көрсөтөт деген ишеним жоголуп, соңунда деструктивдүү жүрүм-турум жана социалдык чыңалуу түрүндө наразычылыктар келип чыгууда. Жаштар – бул өлкөнүн мындан аркы өнүгүүсүн камсыз кылган стратегиялык ресурс деп айтканы менен мамлекет дал ушул социалдык топту максаттуу түрдө колдоого аракет кылбай жатат. Бийликтин айткан сөзү менен жасаган иши дал келбегенин байкап отурган жаштардын көңүлү ого бетер калып, өз жолун табууга бел байлашат. Көп учурда жаштар наразылык билдирип, талкалоо жолун тандап алышууда.

ЖӨБ органдарынын азыркы ролу көп учурда коомдук-профилактикалык борборлордун алкагында өспүрүмдөр менен иш алып баруу, ар кандай майрамдарды, спорттук иш-чараларды, ишембиликтерди ж.б. уюштуруу менен чектелип калууда. Бул албетте маанилүү иштер, бирок ал тарбиялоодогу маселелерди чече албайт. ЖӨБ органдарынын басымдуу бөлүгү тарбия үчүн же мектеп, же ата-эне жоопту деп эсептешет. Бирок өспүрүмдөр жана жаштар – булар да жергиликтүү жамааттын бир бөлүгү болгонун, жалпы эл менен иштин алкагында ЖӨБ органдары жаштарды да тартышы керектигин унутпоого тийиш. Жаштарды өнүктүрүүдө ЖӨБ органдарынын ролу кеңейтилип, чечим кабыл алуу процессине катышууга мүмкүнчүлүктөрдү камтып, жаштардын муктаждыктары менен керектөөлөрүн

[1] Адамзаттык өнүгүү жөнүндө улуттук баяндама: Адамзаттык өнүгүү жергиликтүү өз алдынча башкаруунун көңүл чордонунда: БУЛ ЖЕРДЕ ЖАНА АЗЫР! Шилтемеси: http://dpi.kg/ru/activities/nat-report-lsg/




эске алып, жаштардын жана жамааттын көйгөйлөрүн чечүүдө аларга кыймылдаткыч күчкө ээ болууга мүмкүнчүлүк бериши керек. Мыйзамдар жаштардын жамааттын жашоосуна катышуусун чектебейт, алар улуу муунга берилген укуктарга ээ. Бирок чектөөлөр жергиликтүү жамааттын өзүндө бар. Бул жерде жаштар жамааттын ресурстарын башкарууга байланышкан чечимдерди кабыл алчу "жооптуулардын чөйрөсүнө" кошулбай калууда. Айрым жергиликтүү жамааттарда өзгөчө кыз-келиндердин укуктары чектелип, үй-бүлөдө кандайдыр бир социалдык статуска ээ болмоюнча "көзгө илинбегендердин зонасында" кала беришүүдө.

ЖӨБ органдарынын стратегиялык ролу – жаштарды жамааттын жигердүү мүчөсү болууга шыктандыруу, кезектеги "ишембиликти" өткөрүү үчүн гана эмес, жамааттын көптөгөн көйгөйлөрүн чечүү жолдорун издөөгө да тартуу. Бул өзгөчө "эски" көйгөйлөрдү чечүүгө карата жаңы мамилени талап кылган учурларда маанилүү болуп турат. Бул үчүн жаштарды "көз каранды жана тил алчаак" абалдан "жигердүү жана чыгармачыл" абалга өткөрүү зарыл болууда. Мында мобилдүүлүк, тез эле адаптацияланып кетүү, жаңы билимге умтулуу өңдүү жаштарга мүнөздүү болгон сапаттарды колдонуш керек. Дал ушул сапаттар кризис маалында, айталы COVID-19 пандемиясы учурунда коомго жаңы оор шарттарга көнүп, биригип, курч социалдык маселелерди чечүүнүн жаңы жолдорун табууга жардам берди. Ыктыярчылардын кыймылдарына башын бириктирген жаштар биздин коом даяр болбогон көйгөйлөрдү жарым-жартылай чечүүгө чоң салым кошушту.

***ЖӨБдүн жаштар саясатынын негизги принциби: жаштар – бул таасир этиш керек болгон объект эмес, алар өнүгүүнүн кыймылдаткыч күчү болгон субъект. Саясаттын чаралары мындайча түзүлүүгө тийиш: жаштар бир эле маалда ошол чаралардын "заказчылары" да, активдүү "аткаруучулары" да болушу шарт.***

## Жергиликтүү деңгээлде жаштар саясатынын субъекттери

Коомдук бийликтин органдары – мамлекеттик жана ЖӨБ органдары да, алардын формалдуу жана бейформалдуу бирикмелеринин атынан чыккан жаштар да жергиликтүү деңгээлде жаштар саясатынын субъекттери болуп саналат. Жаштар саясатынын эффективдүүлүгү көп учурда алар канчалык натыйжалуу биригип, макулдашып, жемиштүү иштеп кете аларынан көз каранды. Бирок негизги кыйынчылык да бар – ыңгайлуу жана иштеп кеткен форманы таап, анын маңызын реалдуу кылып толуктоо оор. Жакынкы учурга чейин ЖӨБ органдарына караштуу жаштар комитеттерин кошпогондо, жергиликтүү деңгээлде формалдуу жана туруктуу институт болгон эмес. Ошол эле маалда жаштар комитеттеринин иши да талаптагыдай деңгээлде анализденбей, сүрөттөлбөй калган жана укуктук негизге да ээ болгон эмес. Өнүктүрүү саясат институту бул маселени чечүүгө жол ачкан бирикменин – ЖӨБ органдарына караштуу жаштар иштери боюнча консультативдик кеңештердин формасына анализ жүргүзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болду.

Шаардын же айылдык аймактын жаштар иштери боюнча Консультативдик кеңеши тууралуу Типтүү жобо КР Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиктин (2020-жылдын 28-мартындагы №82) жана КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (2020-жылдын 3-майындагы (№ 01-18/44) биргелешкен буйругу менен бекитилген.

# Жаштар иштери боюнча Консультативдик кеңеш Таш-Көмүрдөгү аялдар футболун өнүктүрүүнүн кыймылдаткыч күчүнө айланды



Кыргызстан аялдар футболун дискриминациялабаган өлкөлөрдүн бири болуп эсептелинет. Анын өнүгүүсү массалык спорттун артыкчылыктуу багыттарынын бири катары каралат. Бирок жергиликтүү бюджеттердин массалык футболду өнүктүрүүгө багыттаган чыгашаларынын басымдуу бөлүгү баары бир эркек командаларына жана балдарын командаларына кетет.

2017-жылы Таш-Көмүр шаарында 15 кыз гана футбол ойночу, болгондо да балдардын аралаш командаларында топ тебишчү. 2020-жылы 9 жаштан 15 жашка чейинки курактагы 60ка жакын кыз футбол менен алектенүүдө. Кесипкөй юниордук футбол командалары пайда болду, аларда 13-15 жаштагы кыздар гана ойношот. Бул кыздар даярдыктын эң жогорку деңгээлин көрсөтүп, жеңишке жете алуу жөндөмдүүлүгүн далилдей алышты. Мисалы, 2020-жылы ташкөмүрдүк «U-13» жана «U-15» аттуу эки команда Кыргызстандын аялдар футболу боюнча чемпионаттарында биринчи жана экинчи орундарды ээлей алышты.

Шаарда аялдар футболун өнүктүрүү жакында эле пайда болду. Мында Таш-Көмүр шаарында жакында эле түзүлгөн жаштар иштери боюнча Консультативдик кеңеш кыймылдаткыч күч болуп калды. Шаардын Консультативдик кеңешинин курамына көптөгөн жигердүү жаштар кирди. Алар жаштардын кызыкчылыктарына тиешелүү түрдүү маселелерди сүрөй башташты. Мындай артыкчылыктуу маселелердин бири – аялдар футболун өнүктүрүү маселеси болуп калды. Анын шаардык кеңештин алдында сүрөө менен Консультативдик кеңештин мүчөсү, Таш-Көмүр шаардык кеңешинин депутаты Эрк ОРОЗБАЕВ алектене баштады. ОРОЗБАЕВ балдардын жана жаштардын сергек жашоо образы үчүн чындап күйүпбышкан, ошондой эле аялдардын укуктары менен мүмкүнчүлүктөрүн коргогон адам.

Эрк ОРОЗБАЕВде буга чейин жаштардын кызыкчылыктарын сүрөө тажрыйбасы болгон. Айталы, 2019-жылы шаардык мэрия менен биргелешип иштөөнүн натыйжасында эки чакан футбол аянтчасынын курулушуна 2 млн. 600 миң сом көлөмүндө финансы каражаты бөлүнгөн. Ошондой эле мелдештердин жеңүүчүлөрүнө байге фонду үчүн, спорттук кийим-кечелерди жана спорттук шаймандарды сатып алууга да каражат бөлүнгөн. Ал эми 2020-жылы Консультативдик кеңеш ушул эле багытта ишин уланта берүүнүн, бирок бул жолу дал ушул аялдар футболун максаттуу түрдө сүрөөнү чечти.

Жаштар иштери боюнча Консультативдик кеңеш мэрия менен ишин бир заматта баштады. Кеңештин мүчөлөрү жаштардын кызыкчылыктарына тиешелүү жана чечүүнү талап кылган бир топ маселелерди көтөрүп чыгышты. Балдардын жана жаштардын, өзгөчө кыздардын бош убактысын уюштуруу маселеси эң маанилүү болуп калды. Консультативдик кеңеш мэрия менен биргелешип, маселени чечүүнүн жолдорун табуу үчүн бир канча жолугушууларды өткөрдү. Натыйжада мэрия шаардык кеңештин уруксаты менен спорттук аянтчаларды куруу үчүн жер бөлүп берди. Ошондой эле мэрия спорттук мелдештерди өткөрүүнү уюштурууга, шаардын жаштары арасында массалык спортту өнүктүрүүнү илгерилетүүгө көмөк көрсөттү. Бул иш-чаралардын баары балдар жана жаштар менен иштөөнүн бекитилген планына, ошондой эле Консультативдик кеңетин иш планына да кирди.

Таш-Көмүр мэриясынын кызматкери Гүлназ МАДЫЛБЕКОВАнын айтымында, жаштар иштери боюнча Консультативдик кеңештин пайда болушу менен көп нерсе өзгөрдү. Шаар бийлиги балдарга жана жаштарга бир топ жакындады, жигердүү жаштар да өзүн көрсөтүштү. Анткени алардын үнү жете турганына ынанып, жаш шаардыктар – бул калааны өнүктүрүүнүн маанилүү бөлүгү болгонуна көздөрү жетти.

# Токмоктогу Жаштар иштери боюнча Консультативдик кеңеш шаарды өнүктүрүүнү пландоого кошулду



Карим Ва-Ахунов болгону 17 жашта, ал Токмоктогу Борбор Азиядагы Эл аралык университетке караштуу Гуманитардык-Техникалык колледждин 2-курсунун студенти. Бирок Карим шаардын жаштар иштери боюнча Консультативдик кеңештин өзүнө ишенген мүчөсү болуп калды.

“Мен дайыма шаардагы бардык көйгөйлөрдү ЖӨБ органдары өздөрү гана чечиши керек деп ойлочумун. “Шаардыктар салык төлөп жатпайбы, бул жетиштүү” – мына ушундай ойдо элем. Бирок Консультативдик кеңештин мүчөсү болгондон кийин ар бирибизде коомдук ишмер жашай турганын түшүндүм. Күн сайын үйдө отурганда биз кайсы бир маселени талкуулайбыз, мэрия аны кантип чечиши керектигин билебиз. Бирок шаардын көйгөйлөрүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу менен кошо пландоого жана чечүүгө айрымдарыбыз гана убакыт жана мүмкүнчүлүк таба алат экенбиз”.

Токмок ш. жаштар иштери боюнча Консультативдик кеңеш 2019-жылы жергиликтүү жаштар саясатын өнүктүрүүгө көмөктөшүү, ошондой эле жаштардын өзүн шаардын маселелерин чечүүгө тартуу максатында түзүлгөн. Башында кеңештин курамына 15 адам кирди. Алар: окуучулар, студенттер, жигердүү жаштардын өкүлдөрү, ошондой эле мэриянын кызматкерлери. 2020-жылы кеңештин курамы кеңейе берди. Консультативдик кеңеш – бул Токмок үчүн мындай биринчи тажрыйба. Буга чейин мэрияда кандайдыр бир жаштар уюмдары, кеңештер же комитеттер болгон эмес. Бул болсо жаштар менен ишти мэриянын кызматкерлери гана жүргүзүп келгенинен, шаардык жаштар өздөрү жигердүү тартылбаганынан кабар берет.

Жаштар иштери боюнча жаңы Консультативдик кеңештин пайда болушу менен көп нерсе өзгөрдү. Көптөгөн жаңы идеялар жана мүмкүнчүлүктөр пайда болду. Өспүрүмдөр жана жаштар Консультативдик кеңештин ишине катышуу менен азыртадан эле көп маселелерин чечишүүдө, эң негизгиси – шаардагы балдардын жана жаштардын абалын жакшыртууга умтулуп жатышат. Бул кеңеш өспүрүмдөрдүн жана жаштардын түрдүү топторуна чогулуу үчүн көптөгөн мүмкүнчүлүктөрдү берди. Мисалы, мурда мектептин гана деңгээлинде иштей алган мектеп парламенттеринин кеңеши жаңы деңгээлге чыгып, Консультативдик кеңешке жана жалпы шаардын өнүгүүсүнө катышуунун алкагында пайдалуу болгонун тастыктай алды.

Консультативдик кеңеш шаар бийлиги менен жаштар ортосунда “көпүрө” кызматын аткарып, көп нерсеге жете алды. Шаардын мэри Данияр АМАНГЕЛЬДИЕВ жана вице-мэр Сергей СТУПНИКОВ менен тыгыз кызматташтыкта бош убакытты өткөрүүнү уюштуруу, инфраструктура, маданият өңдүү көптөгөн маселелер чечилди. Ошондой эле балдардын жана жаштардын укуктарына жана мүмкүнчүлүктөрүнө тиешелүү маселелер да чечилип жатат. Эми жаштарда көбүрөөк чогулуп, шаардын көйгөйлөрүн чогуу талкуулап, чечүү мүмкүнчүлүгү бар.

2019-жылдын этегинде Консультативдик кеңештин мүчөлөрү шаардын бюджетин кароого, ошондой эле Токмок шаарынын Социалдык-экономикалык өнүгүү программасын даярдоого катышты. Консультативдик кеңештин мүчөлөрүнүн активдүүлүгүнүн натыйжасында шаарды өнүктүрүү программасына балдар аянтчасынын жана чакан футбол аянтчасынын курулушу өңдүү маселелер кирип, азыркы тапта чечилип калды. Жакын арада шаарда жүгүрүү үчүн жолдорду оңдоо пландалып жатат.

2020-жылы Консультативдик кеңештин өтүнүчү менен Токмок мэриясы кеңештин 15 мүчөсү, аярлуу үй-бүлөлөрдө өскөн 29 бала үчүн Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине атайын тааныштыруу сапарын уюштурган. Жаштар парламенттин депутаттары менен жолугушуп, аларга суроо узатып, парламенттик иш процесси менен жакындан тааныша алышты. Бул сапарды уюштуруу үчүн мэрия жергиликтүү бюджеттен атайын каражат бөлүп берди. Мындан тышкары мэрия Консультативдик кеңеш үчүн иш-чараларды, мисалы, финансылык сабаттуулук боюнча тренингдерди, ошондой эле жаштардын кошумча билими боюнча иш-чараларды колдоп, каржылап турат.

Консультативдик кеңеш күчүнүн болушунча иштеп жатканы кубандырат: рэкетке каршы мектеп-

терде маалымат өнөктүктөрү өткөрүлдү (баннерлер атайын даярдалып, шаардагы мектептерде орнотулду); “Сергек жашоо үчүн” марафону, веложүрүш уюштурулду. Жаштарды өнүктүрүү маселелери боюнча башка шаарлардагы оппоненттер менен дебаттык таймаштарды өткөрүү пландалып жатат.

Консультативдик кеңешти уюштуруу шаардын жаштарына өз үнүн жергиликтүү өз алдынча башкарууга жеткирүүгө, шаар башчысы менен түз байланыш түзүүгө, ага балдардын жана жаштардын көйгөйлөрүн ачык айтууга жардам берди. Кеңеш түзүлө электе жаштар мэрияга расмий суроо-талап каттары аркылуу кайрыла алышчу, ал эми каттарга жооп кээде үстүрт мүнөздө жазылып калчу. Консультативдик кеңешти түзүү менен мектеп парламенттеринин кеңешинин мүчөлөрү шаардын көйгөйлөрүн чечүүгө мурдагыдан да жигердүү тартыла башташты. Өз кезегинде мэрия да жаштар менен көбүрөөк байланышты түзүп, алардын пикирин жана муктаждыктарын жаштардын өз оозунан уга баштады.

# Шаардын же айылдык аймактын жаштар иштери боюнча консультативдик кеңеши жөнүндө Типтүү жобо

***КР Өкмөтүнө караштуу Жаштар иштери, дене тарбия жана спорт боюнча мамлекеттик агенттиктин (2020-жылдын 28-мартындагы №82) жана КР Өкмөтүнө караштуу Жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттиктин (2020-жылдын 3-майындагы № 01-18/44) биргелешкен буйругу менен бекитилген[1]***

[1] Өнүктүрүү саясат институтунун колдоосу менен иштелип чыккан.

## I. Жалпы жоболор

1. Шаардык/ айыл аймактын жаштар иштери боюнча консультативдик кеңеш (мындан ары – Кеңеш) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарында (органдын аталышы) жана өз ишин коомдук башталышта ишке ашырган, коллегиалдуу, консультативдик жана жаштар саясаты боюнча кеңешүүчү орган болуп саналат.

2. Кеңештин иши Кыргыз Республикасынын Конституциясына, мыйзамдарга, Кыргыз Республикасынын башка ченемдик-укуктук актыларына, жергиликтүү жамааттын уставына жана ушул жобого ылайык ишке ашырылат.

3. Кеңештин иш аракеттери мыйзамдуулук, ыктыярдуулук, коллегиялдуулук, ачыктык, бардык мүчөлөрүнүн тең укуктуулук принциптерине негизделет.

4. Кеңештин иш аракетинде саясий жана диний үгүттөөгө тыюу салынат.

5. Кеңеш менен шаардын/ айыл аймактын (аталышы) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аракеттенүүсү жаштар саясатында өз алдынчалуулук жана өз ара пайдалуу кызматташуу принциптеринин негизинде ишке ашырылат.

## II. Кеңештин максаты жана милдеттери

6. Кеңештин негизги максаты:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында шаардын/ айыл аймактын жаштарынын кызыкчылыктарын коргоо;
- шаардын/ айыл аймактын жаштарына ар тараптуу колдоо көрсөтүү, потенциалын ачуу жана аны ишке ашыруу, жаштарды социалдык, экономикалык, саясий жашоого активдүү катыштыруу;
- шаардын/ айыл аймактын жаштарынын активдүү жарандык позициясын, жергиликтүү жамааттын актуалдуу көйгөйлөрүн чечүүгө жаштардын катышууга каалоосун, жаштардын көйгөйлөрүн чечүүдө өз алдынча жана жоопкерчиликтүү болууга калыптандыруу;
- шаардын/ айыл аймактын территориясында жаштардын демилге көтөрүүсүнө жана аны ишке ашырууга шарт түзүп берүүгө көмөк көрсөтүү;
- шаардын/ айыл аймактын жаштар уюмдарынын жана жаштардын формалдуу эмес бирикмелеринин (мектеп парламенттерин жана студенттик өз алдынча башкаруунун органдарын кошо) жаштардын көйгөйүн чечүүдө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аракеттенүүнү координациялоо жана иштөөнү камсыздоо.

7. Кеңештин негизги милдеттери:



- жаштар саясаты чөйрөсүндө жана жаштардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын козгогон башка маселелер боюнча маалыматтык жана консультативдик ишти жүзөгө ашыруу;
- жаштардын муктаждыктарына мониторинг жүргүзүү жана көйгөйлөрүн талдоо, социалдык иликтөөлөрдү жүргүзүү;
- жаштардын укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын ишке ашыруу чөйрөсүндө, ошондой эле жергиликтүү өнүктүрүүнүн стратегияларын иштеп чыгууда максаттуу жергиликтүү программаларды долбоорлоо боюнча жана долбоорлор боюнча сунуштарды киргизүү;
- жергиликтүү коомчулуктун социалдык, саясий жана экономикалык көйгөйлөрүнүн натыйжалуу чечимдерин издөө боюнча жаштарды активдүү иштөөгө тартуу;
- шаардын/ айыл аймактын жаштары менен ачык дискуссияларды, «тегерек столдорду», семинарларды, коомдук саясий лидерлери, мамлекеттик жана жергиликтүү бийлик органдарынын кызматтык адамдары менен жолугушууларды өткөрүү;
- жаштар чөйрөсүндө социалдык терс көрүнүштөрдүн пайда болбоосунун алдын алуу;
- жаштардын жарандык-атуулдук өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүү, ошондой эле сергек жашоо мүнөзүнө жана кошумча билим алууга жана маданияттуулукка тартуу;
- райондук жана облустардын башка аймактарынын кеңештери, коомдук уюмдары жана кыймылдары менен өз ара аракеттенүү.

## III. Кеңештин курамы жана түзүү тартиби

8. Кеңешти түзүүчү өкүлдөр:
   - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жаштар уюмдары;
   - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун формалдуу эмес жаштар бирикмелери (мектеп парламентин жана студенттик өз алдынча башкарууну кошо);
   - чакан жана орто бизнестин жаш жетекчилери;
   - мамлекеттик жана муниципалдык жаш кызматкерлер, билим берүү жана саламаттык сактоо чөйрөсүндөгү кызматкерлер.

9. Мэр/айыл өкмөттүн башчысынын чечими менен Кеңешти түзүү үчүн 5 адамдан турган уюштуруу комитети түзүлөт. Анын курамына жергиликтүү кеңештин, мэриянын/айыл өкмөттүн өкүлдөрү, жаштар менен иштөө үчүн жооптуу ЖӨБОнун кызматкери, коомдук уюмдардын өкүлдөрү кире алышат.

10. Уюштуруу комитети Кеңешти түзүү менен байланышкан бардык маселелер боюнча координациялоону ишке ашырат, анын ичинде:
   - кеңештин түзүлгөндүгү тууралуу маалыматты жалпыга маалымдоо каражаттарында өз убагында жарыялайт;
   - кеңештин мүчөлөрү чыгып калган учурга резервдин кошумча тизмеси менен расмий сунушталган талапкерлердин арасынан Кеңештин курамын түзөт (3-5 киши);
   - Кеңештин жаңы чакырылышынын биринчи жыйналышын уюштурат.

11. Кеңешке талапкерлерди сунуштоо коомдук уюмдардын жетектөөчү органдары, формалдуу эмес бирикмелердин жалпы жыйыны, Кеңештин курамына киргизүү тууралуу расмий өтүнгөн уюмдардын жана компаниялардын жетекчилери тарабынан ишке ашырылат.

12. Кеңештин бир чакырылышынын иштөө мөөнөтү 2 жылды түзөт.

13. Кеңештин курамы уюштуруу комитетинин жыйынындагы протоколдун негизинде, мэрдин/айыл өкмөттүн чечими менен бекитилет. Кеңештин мүчөлөрүнүн саны 5-15 адамга чейин болууга тийиш (Бишкек жана Ош шаарынан башка, жергиликтүү кеңештин депутаттык корпусунун жарымы).

14. Кеңештин мүчөсүнүн ыйгарым укуктары төмөнкү учурларда мөөнөтүнөн мурда токтотулушу мүмкүн:
   - кеңештин мүчөсүнүн жеке арызынын негизинде;
   - кеңештин сунуштамаларын жана чечимдерин, Кеңештин төрагасынын буйруктарын жана тапшырмаларын аткарбаган учурда;
   - кеңештин жана анын мүчөлөрүнүн ишкердик беделине шек келтирген маалыматты таратканда;
   - башка жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын аймагына туруктуу жашоочу жерге чыгып кеткенде.

15. Кеңештин мүчөсүн чыгаруу тууралуу чечим Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы курамынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат. Кеңештин ушул эле чечими менен резервдеги тизмеден жаңы мүчөсү киргизилет.

15. Кеңештин мүчөлөрүнүн иши коомдук башталышта ишке ашырылат.

16. Коюлган милдеттерди натыйжалуу чечүү үчүн Кеңеш жумушчу топторду түзүүгө, өз ишине эксперттерди жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын активдүү жаштарын тартууга укуктуу.

## IV. Кеңештин мүчөлөрүнүн укугу жана милдети

17. Кеңештин мүчөсү төмөнкүлөргө укуктуу:
- чечүүчү добуш укугу менен Кеңештин ишине катышууга;
- Кеңештин жыйынын күн тартибинин долбооруна сунуштарды киргизүүгө;
- Кеңеш тарабынан өткөрүлүүчү иш-чараларга жана программаларга катышууга;
- Кеңештин иши тууралуу керектүү маалыматтарды алууга;
- Кеңештин регламентинде бекитилген башка укуктарды пайдаланууга.

18. Кеңештин мүчөсү төмөнкүлөргө милдеттүү:
- Кеңештин жыйындарына катышууга;
- Кеңештин алдында турган милдеттерди чечүүгө активдүү көмөк көрсөтүүгө;
- өз иши тууралуу Кеңештин төрагасына маалымат берүүгө.

## V. Кеңештин түзүмү жана ишин уюштуруу

19. Кеңешти, Кеңештин мүчөлөрүнүн биринчи жыйынында ачык добуш берүү жолу менен шайланган төрага башкарат. Кеңештин төрагасы Кеңештин мүчөлөрүнүн ичинен шайланат жана ал үчүн Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын жарымынан көбү добуш берсе ал шайланды деп эсептелет.

20. Мүчөсү 10дон көп болгон Кеңештерде Кеңештин мүчөлөрү ачык добуш берүү менен шайланган Кеңештин төрагасынын орун басары шайланат. Кеңештин төрагасынын орун басары Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын жарымынан көбү добуш берсе ал шайланды деп эсептелет.

21. Кеңештин жооптуу катчысы Кеңештин мүчөлөрү тарабынан ачык добуш берүү менен шайланат. Кеңештин жооптуу катчысы Кеңештин мүчөлөрүнүн жалпы санынын жарымынан көбү добуш берсе ал шайланды деп эсептелет.

22. Төрага, төраганын орун басары жана жооптуу катчы 2 жылдык мөөнөткө шайланат.

23. Кеңештин төрагасы кызмат ордунан Кеңештин жылдык отчету канааттандыраарлык эмес деп таанылган учурда четтетилиши мүмкүн.

24. Өз ишинин багыттары боюнча Кеңеш жумушчу топторду түзүүгө укуктуу. Кеңештин жумушчу топторунун курамына Кеңешке мүчө болбогон адамдар киргизилиши мүмкүн. Жумушчу топторду түзүүдө алардын максаты, милдеттери жана аткаруу ыйгарым укуктары аныкталат.

25. Кеңештин жыйыны эки айда бирден кем эмес өткөрүлөт. Керек болгон учурларда Кеңештин кезексиз жыйындары өткөрүлүшү мүмкүн.



26. Кеңештин жыйынына анын курамынын 2/3төн кем эмес мүчөсү катышса укуктуу болуп саналат.

27. Жыйынга киргизилген маселелер боюнча Кеңеш чечим кабыл алат. Чечим ага Кеңештин мүчөлөрүнүн жыйынга катышып жаткандардын көпчүлүгү добуш берсе, кабыл алынды деп эсептелет.

28. Кеңештин жыйынын даярдоонун жана аны өткөрүүнүн, чечимдерди талкуулоонун жана кабыл алуунун, ошондой эле кабыл алынган чечимдердин аткарылышын контролдоо тартиби Кеңештин биринчи жыйынында бекитилген Кеңештин регламенти аркылуу аныкталат.

## VI. Кеңештин төрагасы, орун басары, жооптуу катчысынын ыйгарым укуктары

29. Кеңештин төрагасы:
- Кеңештин жыйындарына төрагалык кылат;
- Кеңешке келип түшкөн сунуштардын негизинде алдыда боло турган чогулуштардын, жыйындардын күн тартибин бекитет;
- Кеңештин жыйынына материалдарды жана документтердин долбоорлорун даярдоону уюштурат;
- жаштар саясатын ишке ашыруунун, жергиликтүү өнүктүрүүнүн стратегияларынын маселелери боюнча жаштардын укуктарына жана кызыкчылыктарына тиешелүү бөлүктөрүн ишке ашырууда, мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана коомдук уюмдар менен өз ара аракеттенүүдө Кеңештин атынан чыгат;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын Кеңештин ишине тиешелүү болгон чечимдери, ошондой эле Кеңештин иши жана башка Кеңештин органдары жөнүндө Кеңештин мүчөлөрүнө маалымдайт;
- Кеңештин жыйынында өз ишинин жана Кеңештин бир жылдык иш жыйынтыктары тууралуу отчет берет.

30. Кеңештин төрагасынын орун басары:
- Кеңештин төрагасынын тапшырмасы бо-



юнча Кеңештин жыйынын уюштурат жана өткөрөт;
- Кеңештин төрагасы жок учурда аны алмаштырат;
- Өз ыйгарым укуктарынын чегинде Кеңештин жумушчу топторунун ишин координациялайт;
- Кеңештин жыйынында кабыл алынган Кеңештин төрагасынын чечимдерин, тапшырмаларын аткарылышын уюштурат жана контролдойт;
- Кеңештин иши менен байланышкан башка маселелерди чечет;

31. Кеңештин жооптуу катчысы:
- Кеңештин иш кагаздарын жүргүзүүнү уюштурат;
- Кеңештин жыйынын протоколун жүргүзөт;
- Кеңештин мүчөлөрүнөн келип түшкөн маалыматтарды эсепке алууну уюштурат;
- Кеңештин жыйынына карата материалдарды даярдоодо Кеңештин төрагасына техникалык жактан көмөк көрсөтөт;
- Кеңештин жыйынынын датасы, убактысы жана өткөрүлүүчү жери тууралуу Кеңештин мүчөлөрүнө маалымдайт;
- Кеңештин иш планына жана Кеңештин жыйынынын күн тартибинин долбооруна келип түшкөн сунуштарды жалпылайт жана төрагага берет;
- Кеңештин документтеринин катталышын жана сакталышын камсыз кылат;
- Кеңештин чечимдерин жана сунуштамаларын, Кеңештин төрагасынын буйруктарын жана тапшырмаларынын аткарылышын уюштурат;
- Кеңештин жыйынында добуш берүүдө добуштарды эсептөөнү уюштурат;
- Кеңештин төрагасынын тапшырмаларын аткарат;

32. Кеңештин төрагасы, Кеңештин төрагасынын орун басары, Кеңештин жоопту катчы кызмат орундарына талапкерлерди Кеңештин мүчөлөрү тарабынан, ошондой эле өзүн-өзү көрсөтүү жолу менен шайланышы мүмкүн.

## VII. Кеңештин ишин уюштуруу

33. Кеңештин жыйыны ачык жана айкын өткөрүлөт.

34. Кеңештин жалпы жыйналышынын компетенциясына төмөнкүлөр кирет:
- Кеңештин төрагасын, анын орун басарын, жооптуу катчыны шайлоо;
- Кеңештин ишинин регламентин кабыл алуу;
- Кеңештин бир жылдык иш планын бекитүү;
- жумушчу/ эксперттик топтордун жана Кеңештин мүчөлөрүнүн шаардын/ айыл аймактын бийлик органдарына карата жаштардын укугуна жана мыйзамдуу кызыкчылыктарына тийиштүү болгон сунуштарын жана рекомендацияларын бекитүү;
- рекомендацияларды иштеп чыгуу жана бекитүү, аларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына кароого жиберүү;
- Жергиликтүү өнүктүрүү фондуна жана өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн гранттык программаларына каржылоо үчүн жергиликтүү жаштардын берген демилгелерине (өтүнмөлөрүнө) сунуштамаларды берүү;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдында Кеңештин иши жөнүндөгү жылдык отчетту жактыруу;
- Кеңештин төрагасын кайра шайлоо жана Кеңештин мүчөсүн чыгаруу жөнүндөгү маселени чечүү;
- ушул жобого киргизилген өзгөртүүлөрдү талкуулоо;
- ушул жобого ылайык башка маселелер.

35. Кеңештин төрагасын шайлаганга чейин жаштар иштери үчүн жооптуу мэриянын/ айыл өкмөтүнүн өкүлү Кеңештин алгачкы жыйынын ачат жана алып барат.

36. Кеңештин жыйыны Кеңеш тарабынан бекитилген Регламентке ылайык уюштурулат жана өткөрүлөт.

37. Кеңештин ишин камсыз кылуу (жыйындарды, жолугушуулар, тегерек столдор ж.б. өткөрүү) каржылоонун төмөнкүдөй булактарынан жүргүзүлөт: жергиликтүү бюджеттин, өнүктүрүү боюнча өнөктөштөрдүн каражаттарынан, демөөрчүлүк жардамдарынан жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында тыюу салынбаган башка булактардан.

## VIII. Корутунду жоболор

38. Ушул Жобого өзгөртүүлөрдү киргизүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдын башчысынын укуктук актысы менен ишке ашырылат.

39. Кеңеш ушул Жобону өзгөртүү боюнча сунуш киргизүүгө укуктуу;

40. Кеңештин чечимдери сунуштама мүнөзгө ээ.